С кырг
А 12

# Аалам. Акыл. Кыргыздар.



С'копрт.
А12

«Фейсбук» социалдык түйүнүндөгү
«Кыргыз көчү» мекенчилдер тобу

# ААЛАМ. АКЫН. КЫРГЫЗДАР.

Бүткүл дүйнөдө жашаган кыргыздардын таланттуу акын уул-кыздарынын ырларынан топтолгон жыйнак

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 474308

«Турар»
Бишкек – 2014

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
А 12

*Акындардын «Ыр жыйнагын»*
*чыгаруу демилгесин көтөргөндөр:*
*Асыран АЙДАРАЛИЕВ жана Гүлсана САРНОГОЕВА.*

А 12 **Аалам. Акын. Кыргыздар.:** Ырлар / Түз. А.Айдаралиев. – Б.: Турар, 2014 – 144 б.

ISBN 978-9967-15-373-8

Жыйнак ааламтор айдыңындагы «Фейсбук» социалдык тармагынын алкагында түзүлгөн мекенчилдердин «Кыргыз көчү» тобунун демилгеси тарабынан уюштурулган. Жыйнакка топтун мүчөлөрүнүн арасындагы талант-туу инсандарыбыздын мекен, улут, тил, атуулдук темасындагы чыгармалары топтоштурулган. Мамлекетибиздин эгемендүүлүгүнө жана улуттук тилибиздин майрамына карата арналат.

А 4702300200-14 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-15-373-8 © Түз. А.Айдаралиев, 2014



**ДҮЙШЕЕВ Шайлообек,** Кыргыз Эл акыны, Байдылда Сарногоев атындагы эл аралык адабий сыйлыктын, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты.

## ЭЛ АКЫНДАРЫ ЭМЕС, ЭЛ АЙТКЫДАЙ БОЛСУН!

Студент кезде жазгандарын жарыялаганча шашып, ийримдерге катышып, кечелерде дуулдап ыр окуп, жок эле дегенде факультеттеги «мен» деген кыздардын көзүнө бир көрүнүп калгысы келген «чымындуулардын» катарында мен да болгом. Бизди доор жалаң кыялкеч кылып тарбиялаган экен. Ошондуктан бараткан жолубуз, келечек бизге бейиш болуп сезилип, батыраак эле ошол «бейишке» жетсек экен деп тилечүбүз. Максатка жетүү менен бирге Айтматовдой, Аалы Токомбаевдей, Алыкулдай жана башкалардай даңктуу да, атактуу да болсок дечүбүз.

Мен силерди ыр жазат деп деле ойлобопмун. Биздикине окшогон заман жөктүгүнан, эл-жерден азып, акча табам деп алыста жүргөндүгүңөрдөн улам ошентип ойлосом керек. Көрсө, көкүрөктөгү сагыныч, эңсөө, кайгы менен кошо келчү ышкы кайсыл заман келсе да «өлбөйт» турбайбы. Бир гана айтаарым, акын болосуңбу, жазуучу болосуңбу, эң башкысы – адам бол. Адамгерчилигиңер, жолдоштукка бекемдигиңер, эчкимди

сатпагандыгыңар баскан изиңерден да, жасаган ишиңерден да көрүнүп тургандай болсун.

Далай суулар агып өтөр. Араңардан кыргызга белгилүү мыкты жазуучулар чыгышы мүмкүн. Азыр жаңы эле жарышка түштүңөр. Көрүнгүңөр келсе да көрүнө албай, билингиңер келсе да билине албай жүргөн кезиңер. Силердин китепке «Баш сөз» жазып бер деп болгондо дагы Финландиядан Асыран өзү келип атпайбы, мени демитип: Кийинки кезде ушундай бир «баш сөз» деген бир балакет чыкты. Илгери мен да китеп чыгаргам, жалбырактай болгон жуп-жука. Китепчилердин аты менен айткан-да 1 басма табакка жетип-жетпеген. Ошол китебим «башы» жок эле чыгып кетти эле. Агезде «башыбызды» ойлой турган заман эмес болчу. «Башыбызды» башкалар ойлочу. Ушул жерден улуу Расул Гамзатовдун эсте жүргөн бир тамашасын мисалга тарта кетейин, балдар.

Мергенчилерден качкан карышкыр үңкүргө кирип кетет. Үчөө үңкүрдүн түбүнө келип далайга чейин олтурса да чыкпайт. Акыры алардын бири тажап кетет да, карышкырды сүйрөп чыкмакчы болуп башын ийинге салып жиберет. Калган экөө ал качан чыгат деп күтүп олтура берет. Кирип кеткен тигиниси же башын тартып албайт, же ары кирип кетпейт. Акыры жадаганда тартып алышса тигинисинин башы жок.

– Эй. Жана ийинге башын тыккан маалда мунун башы бар беле? – дешип бирин-бири карайт. Бири айтат: – Башы бар болуш керек эле? – деп. Бири айтат: – Башы биякка келатканда эле жок болчу, – деп. Экөө талашып – тартышып олтуруп, акырында айылга алып барып болгонун болгондой баяндап беришет. Бир аксакал ошондо: – Карышкырдын артынан кирип башын салып бергенине караганда мунун башы тээ илгери эле, туулгандан бери эле жок болсо керек,- дейт. Анан аялынан сурайлычы деп жесирине келишсе: – Эримдин башы бар-жогун мен кайдан билем? Билгеним ушул, жыл сайын эле жаңы бапак тиктирип басып жүрчү, - дептир.

Кымбаттуу кыздарым, урматуу уулдарым, ошон үчүн ар бириңердин ырларыңардын «башына» бапакты эл тааныган мен кийгиземби же таанышбаган бирөө кийгизеби баары бир, кеп



ким кийгизгенинде эмес, кеп анын башында. Башында «бирдеме» барын Эл баалап, Эл чечет. Мен балким, сыпайгерчилик кылып силерди «алдап» коюшум мүмкүн. Бирок окурман дегенди эч ким эч качан алдай албайт.

Ыр деген тозоктун тозогу экенин мен дагы мына ушул 60 тан ашып кеткенден кийин билип олтурам, ишенсеңер. Далай акынмын дегендер муну билбей, «көзү ачык» бойдон өтүүдө, карыганга чейин «ыр жазып». Муну мен өтө кеч түшүндүм, эч түшүнбөй калгыча кеч түшүнгөнүм да ырас болду го деп ойлойм. Ыр деген күү-шаа түшүп, Асман-Жерди солкулдатып, жамгырын төгүп, чагылганын камчылап, бир жаап өтүп кете берчү өткүн өңдүү нерсе экен. Ошондо болгонуңду болушунча төгүп калбасаң андан кийин кечигет экенсиң.

Мен азыр ыр жазган күндөрүмдү сагынам. Балалыгымды сагынгандай сагынам. Бирок ага эми эч качан жете албастыгымды билем. Ыр да так ошондой. Азыр жүрөктүн оту баягычылап дуулдабай, шуулдабай, жайбаракат күйүп калган чагы. Жел көрсө эле желпине бербей, сезим акылга оошуп калган кези. Сезимди акыл басканда ыр чыкпай каларын түшүндүм. Ошон үчүн ыр жазбай калдым. Чынын айтсам жазалбай калдым десем да болот. Мына ушуну түшүнүшүңөр керек.

Бүгүн болсо ыр жазгандардын окурманымын. Анын үстүнө поэзия деген өтө элитный нерсе болот экен. Анча-мынча кишилер түшүналбайт экен аныңды. Мындан көп жылдар мурун, ыраматылык Жумакан Тынымсеитова деген акын эжекем, 21 жашымда мени Нарынга чакыртып, үйүнө алып барып: «Шайлоо, акын болом десең сөз менен иштегенди үйрөн» деп айткан. Ошонусу өмүр бою эсимде калды. Бирок, мага ал «андай жаз, мындай жаз» деп бир жолу да айткан эмес. Мен да силерге кантип жазуу керектиги жөнүндө акыл айталбайм. Айтууга акым да жок. Алыкулга кеңеш beralбаган сыяктуу эле сага да кеңеш beralбайм. Көлдү кимдер ырдабаган. Дагы канчалар ырдап өтөт. Силердин мыкты жазарыңарды сынчылар эмес, адабиятчылар эмес, Эл айткыдай болсун, Эл гана калыс, Эл гана тараза. Калганынын баары жалган жана жасалма. Агаңар катары ак тилегимди каалайм!



**АМАНБАЕВА Урмат.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты.

## «ТИЛСИЗ УЛУТ – УЛУТ ЭМЕС»

Урматтуу окурман! Арийне сиздин колуңуздагы бул чакан «Ыр Жыйнакка» жарыяланган ар бир сап ырдан Мамлекеттик тилге болгон аруулукту, ага болгон сүйүүнү, кандайдыр бир деңгээлде тазалык менен чындап берилгендикти баамдаса болот. Ошон үчүн кыргыз эли, улуту, улут катары кылымдарды карытып жашап келе жатат. Кыргыз тили улуу тил болгондугу үчүн Кыргыз мамлекети, кыргызымдын үрп-адаты менен каада-салты, көөнөргүс тарыхы далай тар жол, тайгак кечүүдөн өтүп, жок болуп кетпей, түмөн кыйынчылыкты башынан кечирсе да баа-баркын жоготпой бааланып, сакталып келет. «Тилсиз улут улут эмес». Кыргыз тили Кыргыз элинин, кыргыз мамлекетинин баа жеткис байлыгы, эркиндиги, эгемендиги, өз алдынчалыгы. Урматтуу окурман! Менин ар бир кыргыз жаранына деген жүрөктөн чыккан каалоом, ушул жыйнактагы ыр саптарды окуу менен бирге анын кандай маанилүү экенин эстен чыгарбай, ыйык Эне тилибизди жан-дилибиз менен коргоп, тынымсыз колдоп, ар түрдү себертердин арты менен жок болуп кетип



жаткан тилдердин кейиштүү тагдырын кийип калуу коркунучунан сактоого жан үрөп, тилибиздин өсүп-өнүгүшүнө байма-бай салым кошуп туруу ар бирибиздин атуулдук парзыбыз деп билем. Тилибиз үчүн тикебизден тик туруп, сөз эмес жел тийгизбей келечек муундарыбызга абийирдүүлүк менен ыйык мурас катары калтырып кетишибиз керек деп тилейм!.



**КОЙЧУМАНОВА Гүлжан.** Ош МСУнун доценти, филология илимдеринин кандидаты.

## «КӨЧМӨНДӨР» КӨТӨРГӨН ДЕМИЛГЕ

Өлкөнүн башына түшкөн ар кандай окуялар, саясий-экономикалык курч кырдаалдар кыргыз элинин улуттук аң-сезимин курчутту. Мындай сыноолор өз ыйык Ата-Мекенинде жана сыртта, дүйнөнүн жүздөгөн өлкөлөрүндө жашап, иштеп, окуп жүргөн бир боордошторубуздун башын бириктирип, өз ара байланышын бекемдеди. Колуңуздагы ыр жыйнакка ааламтор айдыңындагы өз алдынча аз да болсо чыгармачылык менен алектенип жүргөн мекендештирибиздин мекен, улут, туулган жер, тил, атуулдук жөнүндөгү ырлары киргизилген. Учурда бул тема бардык тараптан замандын алдыңкы позициясын ээлеп отурат. Элибиздин саясий-социалдык турмушун чагылдырууга, жергебизде болуп жаткан акыркы курч саясий абалга, илим менен билимдеги заманбап өсүштөргө, коомдук пикирлерге карата акындар поэтикалык тил менен жооп беришкен. Ошондон улам тандалган тема жыйнактын өзөгүн түзүп турат.

Гумандуулук, атуулдук, дүйнөтааным жана коомдук саясий көз караштар эркин чагылдырган. Жыйнактын жалпы философиясы, өтө назик лиризми жалпы окурмандардын жүрөгүндө калаарына ишеним артат. Адамзаттын сар-санаасы, үмүт тилеги жана кубанычы чыгармачылык чеберчилик менен көркөм сүрөттөлгөн. Образдары ачык жана даана, салыштырууларга бай. Адам, жаратылыш сулуулугу, мекенге болгон берилгендик жыйнактагы ар бир акындын дүйнөсүндө жашаганы маалым болуп отурат. Ошондой эле ыр жыйнактан канчалаган кыргыз мигранттарынын өмүр тагдыры, мекенге болгон сагынычы, кусалыгы, атуулдук намыс–ариети, кандай шартта болбосун өз мекенинин өнүгүшүнө салым кошуу, эртедир-кечтир кайтып келүү үмүт-тилеги, аргасыз тагдыры, келечекке болгон оптимисттик ишеними көркөм сүрөттөлгөн. Ар бир доор өз муунун, баатырларын жаратат, акындары да ошондой, коомчулук тарабынан иргелет. Мезгил өтсө да улам жаңы муун келип катарды толуктап, көч улана берет ошентип. Башка улуттардын таасири күчтүү болуп жаткан заманда, адам баласынын кылымдар бою күткөн эркиндигин жоготуп коюу коркунучу турат, бул оңой нерсе эмес. Мына ошол көйгөйлүү маселе акындардын жүрөгүнөн өтүп отурат. Өз доорун сын көз караш менен чагылдырууга да аракет кылынган. Таамай айтылган ыр саптары окурмандын жүрөгүнөн орун алаары да шек туудурбайт.

Акындык өнөр жараткандан келген чоң касиет. Ар бири өз вазиспасын өзү түшүнүп, ошого жараша чыгармаларын жүрөгүнөн жаралтып отурат. Материалдык мүдөөнү көздөп калган заманда чыгарылган жыйнак адамдарга моралдык, руханий азык берсе деген тилек. Мурдагы заманда (Совет доору демекчибиз) жазганын өкмөт каржылап, ошонун эсебинен үй-бүлө баккан мезгилде, талап да башка эле. Мыктынын мыктысы тандалчу, көпчүлүгү анча мынча эле келген эпкинге туруштук бере албай, бул менин колуман келбейт экен деп, мойнуна алып, өз ордумду эртерээк таап алайын деп жолуна түшчү. Замандын ыргагында атайын тематикалар боюнча заказ келип, баш оту менен жүрөгүн берип, чыгармачылык түйшүк тартып, күн-түн сөз багып, ой калчап дегендей аракеттер менен такшалып, күчтүү сыноолорго туруштук берүүгө, талаптарга тапталып отуруп,

анан акырындык менен такшалып, чыгармачыл чөйрөгө аралашып, ийримдерге катталып отуруп акындар такшалган. Ошентсе да, ыр деген жүрөктөн чыгыш керек экендиги баарыбызга малым. Жасалма шаблондорго, ураан кыйкырыктарга, план, Эмгек, Ленин, партиялык милдеттемелерге багынбаган бир гана жан дүйнөсү экен. Мезгил өтүп нукура дүйнөсү менен жуурулушкан сезим ыргагы гана эленип калып отурат. Азыр болсо заман башка. Кимдин колунда каражаты болсо, ошол басмага кол жазмасын бере салып, эч кандай талаптарга, сын-көз караштарга муктаж болбой жарыялап салууда. Ооба. Ар кимдин өз эрки. Өзүнө өзү кожоюн. Бирок элге эмне алып келди, сапаты кандай, жугумдуулугучу? Ички маани-мазмун жагынан кандай болуп жатат экен? Мезгил өтүп, кол менен санала турган, саналуу гана акындар заман жүзүн жүрөгүнө көтөрүп чыккандыгын көрүп жүрөбүз. Канчалык доор талабын канаатандырган менен, өз табиятын таап, жүрөгүндөгүнү айтаарын айтып, өмүр менен өлүмдүн ортосундагы жылт дей түшкөн нукуралуулук гана тарыхта калды.

Учурда чыккан китептер эч кимдин элегинен өтпөй, ким каалаcorrect ошол ыр жазып, китеп чыгарып отуруп окурман журтуна жетип жатат. Ошентсе да кандайдыр бир деңгээлде ар бир чыгарманын окурман журту пайда болууда. Ошол жазылып жаткан китептерди мезгил өз элегинен өткөрөт. Арасында күлүктөрү бар. Ошентип ээн-эркин жазылып жаткан ырларда жаңы агымды байкабай коюуга болбойт. Эгемендүүлүктү алгандан кийин, кандай критерий менен жазаарын билбей калган муун, алдыдагы көчкө таянып, түздөнүп отуруп, мекенчилдик темадагы ырларга басымдуу көңүл бөлүнгөнү байкалып калды. Өткөн замандагыдай жөн эле төш кага берүү менен чектелбестен, учурда ушундай психологиялык шарт түзүлгөндөн улам, эгемендүүлүктүн артынан ааламдашуу процесси келип, улуттун тагдыры кооптонтуп, эртеңки күндө улут, тил, маданият өзүн-өзү сактап кала алабы деген бир жүрөктү козгогон ой келет экен? Ошол суроо ушул жыйнактагы ар бир акындын көкүрөгүнөн өтүп, азаптантып, чындыкты издетип түйшүккө салып отурат. Буга ынанбай коебуз.



албайбыз. Окурман да ошондой ой-толгоо тартып турат деген ойдобуз. Салижан Жигитов айткандай, «Таасиринен дүйнөнүн сезим көбүрүп, ичке батпай ташкындап сыртка төгүлүп» турган учурда, тарыхый окуялар акындарга катуу таасирин тийгизип жатканы айдан ачык болуп калды.

Тандалган, ыргалган, өрнөктүү ыр жыйнак деп айтуудан алысмын. Акындардын ырларында азыркы замандын оошкыйыш окуялары таасын сүрөттөлгөн. Кээ бир тил билги акындарыбыздын чыгармаларында башка улут адабиятынын таасирин да көрүүгө болот. Ой жүгүртүүсү жаңыча. Эне тилди бапкаган, эстетикалык көркөм табитин өстүрө турган табылгаларга бай жыйнак болуптур. Ар бир эле кыргыз уул-кызын төрт сапты уйкаштыртып, ыр жазганга үйрөтсө болот, бирок акын кылууга мүмкүн эмес. Ушундан улам аз да болсо ыр жазып жүргөн ааламтор айдыңындагы атуулдардын чыгармачылыгына жол ачып бере турган демөөр көрсөтүп, улуттук мүдөөнүн айланасында маселе козгоп, атуулдук дараметин бекемдеп, мекенге болгон сүйүүсүн чыңдап, тамырын тартуу бирден-бир максатыбыз болуп саналат.

Жыйнактын авторлорун бирден ылгап, бирин сыйлап өзгөчөлөнтүп баа берүү менин вазийпама кирбейт. Көч аксагы менен миң дегендей, жалпы бүтүндүктү сактагым келди. Бул иш-чара тилибиздин маанисин жогорулатууга, анын келечеги үчүн ааламтордо кеңири кадам таштап, колдон келишинче чымыны бар жаштардын чыгармаларын топтоп, аз да болсо ааламтордогу социалдык сайт аркылуу салымыбызды кошконго мүмкүнчүлүк берип жаткан мекенчилдердин «Кыргыз көчү» коомдук уюмунун демилгеси менен башталып отурат. Мекен жүгүн жеңилдетүүнүн заманбап жолун таап, аалам кыдырып кеткен таланттуу жаштардын башын бириктирип, тынымсыз ар түрдүү иш чараларды уюштуруп отурган аталган коомдук уюмду негиздеген жетекчиси, Финляндиянын Хельсинки шаарында жашап жаткан эркин журналист Асыран Айдаралиев мырзага жалпы окурмандардын атынан ыраазычылык билдирип коюуну туура таптым. Ааламтор айдыңындагы «Фейсбук» соци-

алдык тармагында алгачкылардан болуп уюшулган мекенчилдердин «Кыргыз көчү» тобунуна эки жарым жыл болуп отурат. Мен бул багытта ой-пикирин сураганымда «Топко катталып, өз эне тилинде кыргыздын ӨҮҢ тамгалары менен пикир алышып, активдүү аралаша баштагандан бир аз убакыт өткөндөн кийин эле топтун мүчөлөрүнүн мекенчил күчтүү сезимдери ойгонуп, тилге, дилге болгон көз караштары өзгөрүп, анан жайнаган топтор биринин артынан бири жаандан кийинки козу карындай түзүлө баштаганын, азыр да түзүлүп жаткандыгын» жан дилинен кубануу менен белгилейт Асыран Айдаралиев. Анан да, канчалаган кыргыздын жаштары көкүрөгүндө катмарланып жаткан ой-мүдөөсүн күүгө салып, атуулдук сезимин курчутуп, булактын көзүн ачкандай болуп, арасынан таланттар өсүп чыккандыгына жетине албай, биз менен кубанычын бөлүштү.

Кыскасы, тилибизди, дилибизди, тил, маданиятыбызды ааламдын кай жеринде жашагандыгына карабастан, ааламтор аркылуу кыргызча жандандыруу, талантту жаштарыбызды таап, алардын чыгармачылыгынын өркүндөп өсүшүнө шарт түзүп, жада калса өз аракеттерибиз менен жыйнак каражатын таап, эгемен Кыргызстаныбыздын, улуттук тилибиздин майрамына карата кошкон кошумчабыз болсун деп, алгачкы саамалык жасалып жаткан чагы. Ак жол каалайбыз, ыр жыйнактын сапары байсалдуу болсун деп тилейбиз .





**АБЫЛКАСЫМОВ Айтмырза.** 1947-жылы 20-августта Аксы районунун Кош-Дөбө айыл өкмөтүнө караштуу Улук айылында туулган. 1965-жылы Караван мектеп-интернатын аяктап, 1966-жылы КМУнун филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүн бүтүргөн. 1971-1972-жылдары Кош-Дөбө орто мектебинде мугалим болуп иштеген. 1972-1976-жылдары Жоомарт Бөкөнбаев атындагы орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1976-1993-жылдары Т. Мавлянов атындагы орто мектепте, 1993-2006-жылдары Ж. Султанов атындагы Улук орто мектебинде директордук кызматты аткарган. 1996-жылы «Ассалоому алейкум!», «Аксы кайрыктары» аттуу ырлар жыйнактары, «Жолдо» аттуу аңгемелер, ырлар, котормолор китеби жарык көргөн. 2013-жылы Кыргызстан Улуттук жазуучулар союзунун «Жылдын мыкты акыны» наамына жана «Алтын калем» ардак дипломуна татыктуу болгон. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил комиссиясынын «Ардак Грамотасы» менен сыйланган. «Кыргыз көчү» коомдук фондунун «Ардак Грамотасына» ээ болгон. Ааламтордогу «Кыргыз көчү» мекенчилдер тобунун ардактуу аксакалы жана «Бакай Атасы». Учурда Бишкек шаарында жашайт, ардактуу эс алууда.

## ҮШКҮРҮК

Жамандыктын доорону жүрүп турат,
Жакшылыкка тап берип үрүп турат.
Кутумдукту, кастыкты жасамакка,
Кулактарын делдейте түрүп турат.

Адамчылык өңүнөн азып калды,
Алдамчылык ансайын азыктанды.
Адилдиктин аягы тушалды да,
Ак ниеттер аргасыз жазыктанды.

Адалдыктын аттары арып калды,
Алга барчу ак жолуң тарып калды,
Абийир деген акактай аруулукту,
Апчып туруп жүрөктөн алып салды.

Алжакелер жаагын жанышууда,
Ата-баба салттарын танышууда.
Үрп-адатын бөтөндүн четтен келген,
Үйүр алдырып Кыргызга таңышууда.

Ар-Намыстын көз жашы булак болду,
Акыл-Эсиң алыстап «кулак» болду.
Кулк-мүнөздүн бош калган чуңкуруна,
Куулук-шумдук күп этип кулап толду.

Эгемендик кубанткан сылай жанды!..
Эчендеген андан соң жыл айланды.
Оңолгондун ордуна Дил карайып,
Ого бетер Эне тил ылайланды.

Көр оокаттын айынан чачылган эл…
Көөдөн толо үшкүргөн – ачынган эр…
Не болгонун түшүнбөй чет өлкөдө,
Нес болгондой сулк жатат сатылган Жер…



## ЭЛИМЕ СОБОЛ

Атка минер кыргыз эй, килендеген,
Азыр даана билинди ким Эл менен!
Антың кана: «Аткарам, Кыргыз калкым,
Ар бириңдин арманың билем..» – деген.

«Азаматтар» бийликчил килендеген,
Аста баскан талтаңдап килем менен…
Кийип алып кийимин мусапырдын,
Кимдер калды биз барып тиленбеген?

Байкуш кыргыз, ачкарын чилендеген,
Болалалбадың тең ата бир эл менен.
Бар кызылың жөн койбой жула качкан,
Балдарыңа не дейсиң килендеген?!



**АБДЫКАНОВА Майрамбүбү.** 1959-жылы 13-февральда Нарын шаарында туулган. Борбордогу политехникалык техникумду, андан кийин политехникалык институтту бүтүргөн. Кесиби инженер-энергетик. «Кыздар ай» адабий клубунун мүчөсү. Бишкек шаарында жашайт.

## ФРУНЗЕ КЕЧИ

Бак аралап басып жүрдүк улуу, кичүү,
Бак даарыган Дзержинка бульвар делчү.
Эки жашты баш коштурган жаштык кечи,
Эстен чыкпайт Фрунземдин жайкы кечи.

Толкунданып тогуз кабат лифтке шашып,
Тоолорумдун аяз кары нурун чачып.
Топурашып жүрө берип уйку качып,
Туйбай калдык жаштыгымдын таңы атып.

Жуурулушуп ынтымыкта ырыс кечи,
Жетек берип окутуучу билим берчү.
Ырым кылып калемдерин белек кылчу,
Кураторлор кайдасыңар сагынычтуу?

Билим берип бийиктикке багыт берчү,
Билгизбестен келечекке канат берчү.



Мелмилдеген ысык күндөр зачет берчү,
Эстен чыкпайт Фрунземдин жайкы кечи.

Балмуздагың кагаз чөйчөк салып берчү,
Буфетчиси жыгач кашык дагы берчү.
Эңсеп жүрөм жаштыгымдын жашыл кечин,
Магдыраган Фрунземдин жайкы кечи.

Жалындаган жаштыгыма нурун чаччу,
Биз бийлеген аянт кайда көңүл аччу?.
Капилеттен сүйүү гүлүн белек кылган,
Кайда калды Фрунзенин жайкы кечи?.

## САКТАЙЛЫЧЫ ЫСЫК-КӨЛДҮН ЫЙЫКТЫГЫН!

Жаратылыш карап турат бизди сынап,
Жаратканым берди бизге аны чындап.
Жараштырбай турабыз го аны кыйнап,
Жалпылап ала албай баалап сыйлап.

Тапканыңды чогултуп бөтөн сыйлап,
Аягында кала көрбө жыланайлак.
Алтыныңды ташыттык го шылуундарга,
Ажо баштап тоноттуң го, мыйзам ыйлап.

Эртең эле суроо койчу урпак турат,
Эмнегедир өзүмчүлдүк курчап турат.
Экиленип башка элдер булгап турат,
Эртеңкигеге жамандыгын чулгап турат.

Ажаткана, тазалык каналдар жок,
Да бир шылуун эптемей салды турак.
Кейиштерге салбайлы урпактарды,
Сакталсын көлдөй ыйык, мөлтүр булак.

Ысык-Көл ыйык болот тийбегиле!
Суранам, ыйык көлгө сийбегиле!

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 474308



**АЙДАРАЛИЕВ Асыран.** 1960-жылы 21-сентябрда Нарын облыстынын Ат-Башы районуна караштуу Кызыл-Туу айылында төрөлгөн. Борбордогу дене тарбия институтун, 1981-1985-жылдары Кыргыз Мамлекеттик С. А. Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайынын окутуучу бөлүмүн бүтүргөн. 1985-2001-жылдар арасында сүрөтчү, ага сүрөтчү, сүрөтчү кооздоочу, башкы сүрөтчү болуп иштеп, жеке ишкананын башкы мүдүрүнүн орун басары кызматына чейин жеткен. 2001-2008-жылдары «Агым» коомдук-саясый гезитинде фотокабарчы, атайын кабарчы, баяндамачыдан башкы редакторго чейин көтөрүлгөн. 2012-жылдын жыйынтыгы менен «Замандаш» ассосациясынын «Жыл мыктылары» аталган салттуу сынагында «Жылдын алыстагы сыймыктануучу инсаны» номинациясынын жеңүүчүсү, 2013-жылы «Азаттык» радиосунун 60 жылдык маарекесинде Азамат Алтай атындагы орден менен сыйланган. Аламтордо алгачкылардан болуп мекенчилдердин «Кыргыз көчү» тобун түзгөн. 2009-жылдан бери Финляндиянын борбору Келсинки шаарында жашайт.



## КӨЧМӨНДӨР

Улуу кыргыз кылымды кыялаган,
Улар учкан тоо койнун уялаган.
Уюткулуу тарыхы башталган эл,
Уук-керeге, түндүктөн, улагадан..

Ачка-токко, азап-жокко кекенбеген,
Ай-жылдар, күндөр өттү нечендеген.
Айкөл Манас баш болгон кыраандары,
Ата конуш, Кыргыз көчүн бекемдеген!

Сырттан эл, душманга да күйө билген,
Сынды да, сыйлаганды сүйө билген.
Сыздатып, далай жолу сындырса да,
Сыртына сыр чыгарбай түйө билген!.

Сүрдүү калк, эч нерсени энебеген,
Сүйлөй келсе чечен эл ченебеген.
Тээ байыркы калың журт арасынан,
Теги күчтүү, Көчмөн эл кенебеген!

Ошондуктан кымбатым, эл-жерим бар,
Оруп-жыйып, чогултуп, термегим бар.
Кылымдарды карыткан кыргыздарга,
Кыргыз көчү, кызматым, эрмегим бар!

Кайда жүрсөм карегим жашка толуп,
Кайтып бир күн өзүңө келмегим бар!.

## БУРГАНАК

Аздап, аздап аппак кар себелеген,
Аалам, жерди аймалап «тебелеген».
Бүртүктөрү ак кардын себелеген.
Бүт дүйнөнү лапылдап «тебелеген»,
Бүлүк салып сезимди буулуктурат,
Буулуктурат не мурун кенебеген.

Сансыз ойду сагыныч аралаган,
Сампар карга тигилем сабалаган.
Жанчып жатты жай гана кар бүртүктөр,
Жан дүйнөмдү сыздатып, жаралаган.
Жүүнүм качып, жүлүнгө доо кеткендей,
Жүрөгүмдөн кан тамат, канабаган.

Бутту тушап бастырбай жемелеген,
Буюккан кар ышкырат «керегеден».
Бүт жер жүзүн кусалык каптагандай,
Бугум чыкпай ордумда тегеренем.
Булуттарга кошулуп сызгым келет,
Бурганактай буулуккан жебе менен.

Аппак кардай адеми дүйнөбүздү,
Аяганды билбей биз кирдетебиз.
Аруу, делбир дилибиз таза болсо,
Ала шалбырт көктөмгө бир жетебиз.
Алыс сапар, түбөлүк чексиздикке,
Аппак кардай бир эрип, бир кетебиз.

Бурганакка айланган бул жашоого,
Бурганактап бир келип, бир кетебиз!..





**АМИРАЕВА Улкан.** 1988-жылдын 22-июлунда Баткен облостынын Кадамжай районуна караштуу Айдаркен шаарында төрөлгөн. 2013-жылы «Каректен тамган тамчылар» аттуу ырлар жыйнагы чыккан. Азыркы учурда Москва шаарында эмгектенип келет.

## КЫРГЫЗ БОЛУП КАЛГАНЫМА СҮЙҮНӨМ!

Түндүгүмөн тийген нурдай дүнүйөм,
Туу көтөрүп, мекен үчүн күйүнөм.
Пейли суудай таза калкым бар үчүн,
Кыргыз болуп калганыма сүйүнөм!

Калбай артта, элим алга жүгүр дейм,
Кызуу кандуу кыргызымды күзүр дейм.
Канчалаган келишпестик болсо да,
Кыргыз болуп калганыма «шүгүр» – дейм.

Ишенемин бир күн мекен оңолот.
Ичтен чыккан ийри жандар жоголот.
Кези келип, жай турмуш да кечебиз,
Ал анткени, жердин өзү тоголок!.

## КАНИЕТ!

Жашагым жок менин борбор калаада,
Үй салсам дейм, булак чыккан талаага.
Ал үйүмдү толтургум жок буюмга,
Толтурсам дейм, этек толгон балага.

Илгим келбейт килем, парда, гүл-чырак,
Болсо деймин бакыт, ырыс, ынтымак.
Илгим келет балдарымдын көйнөгүн,
Мына ушул менин бакыт-өрнөгүм!.

Бала деген жаратканда асыл белек.
Ата-энеге чексиз сүйүү, бакыт берет.
Короо толгон балдарыма сыймыктанып.
Мен жашоодо «Баатыр эне» болгум келет!.





**Айдарова Салия ЖУСУБАЛИ кызы.** 1955-жылы 10-январда Кадамжай районунун Чаувай айылында туулган. Эл агартуунун отличниги. Кыргыз Республикасынын Курортология жана элдик медицина борборунун, Жазуучулар союзунун мүчөсү. Элдик дарыгер. Үч китеби жарык көргөн. Бишкекте жашайт.

## УУЛДАРЫМА

Бүркүттөрдөй жалын жүрөк жалтанбас,
Баатырлардай айткан сөзүн кайта албас.
Курч өскүлө мекенге арнап өмүрдү,
Оюңарга келбей такыр жалтандаш.

Үч насаатым бар силерге арнаган,
Жүрөгүмдүн толтосунда кайнаган.
Адал эмгек, билим жана атуулдук,
Ушуларды каалайм кайра-кайрадан.

Адал эмгек, адам эркин чыңалтып,
Кыйын кезең келсе кайра чыйралтып.
Жардам берет чоң максатка жетүүгө,
Басып өтүп тоскоолдорду кыйратып.

Билим болсо адам үчүн канаттай,
Бийик жана алыс-алыс учасың.
Билек менен жеңе албаган душманды,
Билим менен талкалайсың, утасың.

Атуулдуктун аты бийик баарынан,
Ыйык милдет ар бириңе тагылган.
Мекен үчүн аябастан өмүрдү,
Күйүү керек оттой болуп жагылган.

Уулдарым баарың мага туусуңар,
Силерге айтчу үч насаатым ушулар.
Кана эмесе канат сермеп чыккыла,
Бийик жана алыс болсун учууңар.

## КЫРГЫЗ КӨЧҮ

Жайлоого көчүү жыл сайын,
Элимдин эски салты экен.
Боз үйү менен кымызы,
Кыргызым деген ант менен.

Ошол салт бизди козголтуп,
Аттантат тоого чөл жактан.
Жайлоону көрсө сайгактайт.
Уйлар да көшүп жөн жаткан.

Быйыл да келдик жайлоого,
Аттарга боз үй артынып.
Кыргыздын көчү керемет,
Көз алдыңа тартылып.

Кербендей чөлдө бараткан,
Кыргыздын көчү чубалат.



Сакталган ата салты үчүн,
Кудуңдап чалдар кубанат.

Көч келип жайлоо төрүнө,
Жылдыздай үйлөр чачырайт.
Өрлүктөп элим бир-бирин,
Меймандыкка чакырат.

Уй мүйүз тартып отурат,
Акылман сөздөр айтылат.
Комуз чертип ырдашып,
Көңүлдүн чери жазылат.

Кыргыз көчү ушундай,
Ата салтын улантган.
Жайлоодо майрам тартуулап,
Жалпы журтту кубанткан.

Кыргыз көчү бар болгун,
Ырыскың берип элиме.
Кылымдар бою жашай бер,
Жетпесин эч ким чегиңе!.



**АЛТЫМЫШЕВ Тынчтыкбек.** Кыргызстандын Нарын дубанындагы Ат-Башы аймагынын Казыбек айылында 1983-жылдын 4-декабрында төрөлгөн. Мектеп жашына чейин чоң ата-чоң эненин колунан тарбия алган. 2001-жылы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университеттин журналистика факультетин бүтүргөн. «Кабар» маалымат агенттигинде, «Замандаш», «Аалам Кыргыздары» журналдарында, «Апта», «Алиби», «Лозунг», «Форум» гезиттеринде иштеген. Учурда «Жаңы Агым» гезитинин баяндамачысы. Бишкек шаарында жашайт.

## АСКАЛАР

Аскалар ак булуттан калпак кийген,
Алыста кол булгалап турасыңар.
Арзуумду, арманымды, жанырымды,
Айтпасам деле силер туясыңар…

Ак карды ичик кылып кийип алып,
Асманды, Айды, Күндү чийип алып,
Атамдай кайрат берип турасыңар.
Апамдай эмизчүдөй ийип алып.



Көк мелжип, кылда учуна көз жетпеген,
Керемет кооздугуна сөз жетпеген.
Көк Теңир көлөкөсү ушул тоолор,
Кыргыздын көңүлүнөн эч кетпеген.

Аскалар жакыным да жөлөгүмдөй,
Ар убак көтөрүлгөн желегимдей.
Атыңан айланайын асыл тоолор,
Алланын бизге берген белегиндей!

## АЙЫЛДАГЫ КЫШ

Бурганак. Кар. Чыкылдаган суук кеч.
Булоолонот мештен чыккан ысык нан.
Будур көчө, тумандатып айылды,
Булут жерге түшүп келген капкачан…

Кара түтүн оргуш атып ар үйдөн,
Коюланып сиңип барат иринде.
Кесме жыты мурунду өрдөп чакырат,
Көчөдөгү четки үйдүн биринде.

Сакалдары бубактаган аталар,
Согум жешке бараткандай сыягы.
Сыбызгыдай үн жаңыртат тигинде,
Зым карагай кыштын болуп кыягы.

Тоңголоктун кызыгынан чыга албай,
Топ чыт курсак тээп жүрөт жылгаяк.
Тоголок бет бала суукту тоготпой,
Тонун чечип, бортонойчон дырдаят…

Кыш. Кыроо. Айыл уйкуда.
Кычыроон каптап сыртынан.
Короочу «кокуй» иттер да,
Коңулган кирип тынчыган!..



**АЛТЫМЫШ уулу Мирлан.** Нарын областындагы Кочкор районуна караштуу Чолпон айылында 1992-жылы 3-февралда туулган. 2013-жылы Кыргыз радиосу уюштурган «Талантар таймашы» аттуу ыр сынакта жаш акындар арасынан «жеңүүчү» деп табылып, сынактын баш байгенсин жеңип алган. Учурда КУУнун кыргыз филология факултетинин 3-курсунун студенти. Бишкек шаарында жашайт.

## КАЙРЫЛУУ

Жоо каптаса, жоого намыс бербес элек,
Далай, далай улуу элдерге теңдеш элек.
Өзүң күткөн эгемендик келген кезде,
Өсө албай жатканыңа эмне себеп?.

Душмандардын өкүмүнө көнбөс элек,
Түгөнөөрдө түтөп, күчөп өлбөс элек.
Кыргын-сүргүн эми токтоп тынч алганда,
Кыргыз өспөй жатканына эмне себеп?

Манас, Манас болсо дагы мактанчыңар,
Мамлекетти алга сүйрөп баспайсыңар.



Ала-Тообуз сыгтып баспай турганына,
Ар бир кыргыз жүрөгүнөн орун алган,

Кайдыгерлик себеп болуп жаткан чыгар!.
Кооз жериң бар, кудайдан нур, кут алгандай,
Болсо дагы кош канатың уча алгандай.
Куурай башын сындырбастан жатып көнгөн,

Жайлоо тоосун, кен байлыгын сатып көнгөн,
Жалкоолуктан элдин буту тушалгандай.
Калса дагы оор күн баштан көп өткөргөн,
Кемсинесиң эркин туруп бөлөктөрдөн.

Как жүрөккө канжар менен жегендейсиң,
Калкты бузган куу «Абыке» «Көбөштөрдөн»
Уруу, уруу уруусуна буруп турат,
Уруулашуу тамырыңды жулуп тынат.

Уруулашып, жаатташып бөлүнүүдөн,
Улуу кыргыз «уу» ичкендей «уугуп» турат.
Кыргыз, кыргыз, күчөй берсе бөлүнүүбүз,
Күмөн, күмөн, күмөн анда өнүгүүбүз.

Кыргыз, кыргыз күчөй берсе бөлүнүүбүз,
Кыйылганы кырчындай жаш өмүрүбүз.
Калгансыбай кашаң, чобур атты минип,
Кадамдагын алга карай бат жүгүрүп.

Шынаарлаган душмандарга шылдың болбой,
Шылкыйтпастан көтөр өлкөм башты бийик.

## КЫРГЫЗДАР КАНТИП АСТРОНОМ БОЛУШКАН?

Көчмөн турмуш элди турса миң экчеп,
«Кыргыз эли тунук акыл зирек» - деп.
Таң калганым «астрономия» болбосо,
«Жылдыздарды кантип таанып билет» - деп.

Ал кез… кылыч, найза кармап согушкан,
Ал мезгилди ойлой берем болуп таң.
Жылыздардан карап салып төлгөсүн,
Кыргыз кантип «астроном» болушкан?

Боз үйү бар кыргыз кантип билбесин?
Түндүк түрүп ачып жатса түндө тим.
Түндүгүнөн жылдыз карап түн бою,
«Телескобу» түндүк болуп жүрбөсүн?

Башка элдер телескобун жасаса,
Жылдыздарды каалагандай атаса.
Билим жактан жетмек беле кыргызга?
«Кыкең» тоодо жылдыз кармап жашаса.

Билим жактан жетмек беле кыргызга?
Кыргыз тоодон жылдыз терип жашаса…





**БАРАКАНОВА Дамира.** 1956-жылы 25-июлда Жети-Өгүз районуна караштуу Оргочор айылында туулган. 1973-жылы Гагарин орто мектебин, 1980-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин чет тилдер бөлүмүн аяктаган. Мектепте англис тил мугалими болуп эмгектенген. Учурда ардактуу эс алууда. Ысык-Ата районунун Дмитриевка айылында жашайт.

## УЛУУ ЭЛ

«Рухий байлык кимде?» – десен,
Кыргыз элде демекмин.
«Өчпөс мурас барбы?» – десең,
Манасты оку демекмин.

Баатырлыкты, айкөлдүктү,
Даңктап келген кыргыз эл.
Ой тереңин, сөз салмагын,
Барктап келген кыргыз эл.

Улуу сөздү ыйык тутуп,
Сыйлап келген кыргыз эл.
Кылымдарды жиреп өтүп,
Манас айткан кыргыз эл.

Ата-салты, эне-наркы,
Элим менен сапарлаш,

Боз үй менен үч кыл комуз,
Алар менен катарлаш.

Кыргыз элим – даанышман эл,
Дилин таза кармаган.
Кыргыз элим – байыркы эл,
Эне тилин сактаган.

Бабалардын ыйык тилин,
Дайым сүйлөп жүрөлүк!
Улуу элдин улуу тили,
Жашай берсин түбөлүк!.

## КИМ ЖАКШЫ?

Тириликте бул жашоодо эмне жакшы?
Ар бир адам өз теңин тапкан жакшы.
Айта электе оюнду окуй билген,
Көз караштан түшүнгөн жубай жакшы.

Балага аска-тоодой ата жакшы,
Ар дайым мээрин төккөн эне жакшы.
Ата-энени урмат-сыйга бөлөп дайым,
Кадырына жете билген бала жакшы.

Ата-эне алдан-күчтөн тайыганда,
Ак мээнетин актай билген бала жакшы.
Нуска сөздөн кеп салган балдарына,
Төрдүн көркү кадырман кары жакшы.

Капалансаң жылуу сөз таба билген,
Сезимтал, боорукер жакын жакшы.
Кубаныч, кайгыңды тең бөлүшкөн,
Качан болсо жөлөк болгон тууган жакшы.

Ким жакшы? Бул жашоодо эмне жакшы?
Ар бир адам өз ордун тапкан жакшы.
Кайсы адам, канча жашта болсо дагы,
Нысаптуу, ыймандуу болгон жакшы!





**БАТЫРКУЛОВА Сайра.** 1980-жылы 5-апрелде төрөлгөн. Билими жогорку. 1996-2001-жылдары Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик көркөм өнөр институтун бүтүргөн. 2001-жылы Чүй областтык куудулдар театрында, 2004-жылы «21 кылым радиосу», КТРКда, 2009-жылы «Шоокум» журналынын сырт кабарчысы, 2011-жылдан «Биринчи радио», КТРКда иштейт. Б.Кыдыкеева атындагы сыйлыктын лауреаты, “КТРКнын отличниги” болгон. «Сүйүү көктөмү» ырлар жыйнагынын автору. «Жылдын мыкты алып баруучусу» номинациясынын ээси. 2013-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Элет жериндеги аялдардын ишмердүүлүгүн мыкты чагылдырган журналисттер» арасындагы республикалык сынактын жеңүүчүсү. 2012-жылы «Кыргыз жаштар поэзия антологиясы» жана «Селкилердин селкинчек» ыр жыйнактарына ырлары кирген. «Коргоол» китебинин түзүүчүсү. Үй-бүлөлүү, бир уул, бир кыздын энеси. Бишкек шаарында жашайт.

## КААЛОО

Билбейм кандай күч багынтып арбаган,
Бушайманмын намыс кылып арданам.
Буруу тилди бир кыз барат бучкактап,
Бар дүйнөсүн төгүп, чачып арнаган.

Таазим кылып байлыгына топтогон,
Тили буруу түркөй жигит коштогон.
Татынакай бир кыз барат кыналып,
Тандооң курсун тайыз сууга окшогон.

Кадамыңан сендейлердин куруп биз ,
Көп көзүнө багыты жок булутбуз.
Кылым баккан кадырыбыз төгүлүп,
Кыздын анан дешет баары туруксуз.

Кулак салчы, курбум дейин, курдашым,
Келип турат дүйнөңдү угуп сырдашкым.
Кайылсыңбы аалам кезип кетүүгө?
Кайтарбасаң мекениңдин урматын.

Таңмын сага, товарбы эмне турпатың?,
Топук кылдын, токтугуна курсагың.
Томогосуз шумкар көп түндүгүңдөн,
Таппадыңбы ? Улуу журттун урпагын!.

Катасыз болсун курбум беттегенин,
Келечек сөөмөй кезеп жектебесин.
Курбулар кучагыбыз нурга толуп,
Кыргыздын ар бир кызы бек төрөсүн!

## МЕКЕНИМДЕН УЯЛАМ!

Кызылы кубарып көөнөрүп,
Кызыгы тепчилип төөнөлүп.
Казандан кача албай байланып,
Кыйналды кыялдар көөлөнүп!

Турмуштун түйшүктүү ирмеми,
Төгүлбөй, толгон бук дилдеги.



Тизилген шуурудай күндөрдө,
Тазарбай көңүлүм кирдеди.

Аша албай, алдымда чийинден,
Ашыгын ала албай ийинден.
Алсырап баратам негедир,
Анан да баш тартып сүйүүдөн!

Бул эмес а бирок убарам,
Бөлөк ой алдында кубарам.
Максаттуу кызматты кыла албай,
Мекендин алдында уялам!



**ДОСБОЛОВ Шайырбек.** 1988-жылы 20-ноябрда Баткен областына караштуу Баткен районунун Кыштут айылында туулган. Райондук гезиттерге ырлары жарыяланган. Маданият тармагы менен чыгармачылык байланышта иш алып барат. Туулган айылында жашайт.

## КЫРГЫЗ КӨЧҮ

Дүңгүрөп «Кыргыз көчү» улануууда,
Дүбүрттү алыс жактан чыгарууда.
Дүйнөнүн төрт бурчунан боордоштор,
Дем берип улам күндө чыңалууда.

Өлбөс эл, өчпөс улут жандарыбыз,
Өнөрлүү өздөн чыккан балдарыбыз.
Өмүрдөн из калтыруу тарыхында,
ӨҢҮнө келип барат жазганыбыз.

Катарлары бузулбай араңардын,
Көчтү улап келаткан балаң арбын.
Кылымдарды карыткан кыргыздарым,
Көчтөн калган урпагы бабалардын!...



## НАРИСТЕДЕ НЕ КҮНӨӨ?

Мемиреп уйку соодо жаткан элем,
Уйкунун кызыгына баткан элем .
Беш айлык болгонумда кесип салды,
Өзумду тилебестен тапкан энем..

Тырыштым өжөрлөнүп көгөрүүгө,
Тиледим ак бешикке бөлөнүүгө.
Тамырым кыркып салды туубас энем,
Төрт айлык калганымда төрөлүүгө..

Курсагыңды жеңилдеттиң капа дебей,
Тилим кетти дилим менен ата дебей .
Күнөөлүүдөй жаштыгыңа мастыгыңа,
Уктап келип уктап кеттим апа дебей.

Жытымды бир ирет да жыттабадың,
Мен сенин кучагыңда уктабадым.
Кош апа ыйлаганың бекер кийин,
А мен эчак, жер кучактап уктагамын.

Ушунчалык жаштык менен ойнойсуңбу?
Улгайып бул күнөөңдү ойлойсуңбу?
Күнөөсү жок кесилген наристеңе,
Жок дегенде куран окуп койбойсуңбу?!.



**ЖАКЕЕВА Бурул.** 1969-жылы Каракол шаарында төрөлгөн. Кесиби боюнча физик-окутуучу. Бир катар обондуу ырлары бар. 1986-жылы борбордогу №5-орто мектепти артыкчылыгы менен бүтүргөн. 1992-жылы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин физика-техникалык факультетин аяктаган. Кесиби боюнча физик-окутуучу болсо да, таланттуу сүрөтчү, оймочу. Ошондой эле акын жана обончу. Бир уулдун энеси. Учурда Бишкек шаарында жашайт.

## КЫРГЫЗЧА
*(Жөн эле)*

Жөн эле сүйүнүп, жөн эле күн чыгат, мээрим чачып,
Аба да дем берет жөн эле – албайбыз аны сатып.
Булуттар жөн эле калкышат, асманга сүрөт тартып,
Дайралар жөн эле агышат, тоо демин түзгө ташып.

Наристе жөн эле жылмаят – мемиреп уктап жатып,
Энелер жөн эле элжирейт – аталар бата тартып.
Жөн эле дос, жолдош күтөбүз - төлөбөй эч бир акы,
От болуп жалындап күйөбүз – сүйүүдөн татып бакыт.



Табият таптаза жөн эле – сатылбайт, кунсуз, баасыз,
Бизде да бүт эле жөн эле – жүрөбүз жайдар басып.
Жадабай козголоң кылабыз – дээрлик натыйжасыз,
Беш жүз сом берсе анан сатылчу кул болуп намыс-арсыз.

Кебелип койбойбуз жөн эле – эл-журтту курман чалып,
Бабалар өткөнбү жөн эле - кыргыз деп бекер жанып?!
Комузда кол ойноп чертебиз, укмуштай чебер сансыз,
Кырааттап "Манасты" айтабыз, эмне үчүн элим алсыз?!

Кыргызга орусча сүйлөйбүз – тил буруп булдурашып,
Баатырлар кыргыз деп жан берсе, биз болсо чулдурашып!
Ай жаркыйт асманда жөн эле, жылдыздар жымындашып.
Кыргызым баарына чыдайбы, айдаган жакка басып?!

Жөн эле мейли эми, жөн эле жылдыздай жымындашып,
Жаркылдап күлөлү, кантели, жөн эле көңүл ачып…
Жөн эле баарын тең бериптир, теңирдин мээри ташып,
Жөн эле биз кесир кылбайлы өзүбүз тепсеп, чачып!!!

## БИРИК, КЫРГЫЗЫМ!
*(Кыргыз маршы)*

Асман ачык, күнүм жаркырап,
Ак калпактуу Ала-Тоо турат.
Айкөл кыргыз Манас тукуму,
Айланайын момун эл турат.

Ак ийилет, сынбайт карага,
Акыр болот адил замана,
Жаратканга ойду түздөйбүз,
Ынтымакка элди үндөйбүз!

Түгөнбөстөн кайра түтөгөн,
Чачылса да улам күчөгөн,
Түбү күчтүү асыл Күн тукум,
Катарыңа мен да түзөлөм.

Асман ачык, күнүм жаркырап,
Кут төгүлүп Ысык-Көл турат.
Сабыр кылгын, бирок, кыргызым,
Теңир баарын оңуна бурат!

Ак ийилет, сынбайт карага,
Акыр болот адил замана,
Жаратканга ойду түздөйбүз,
Ынтымакка элди үндөйбүз!





**ЖАКЫПОВА Калича.** Тоолуу Нарын шаарында 1984-жылы 1-ноябрда төрөлгөн. Орто мектепти аяктаган соң, Кыргыз Агрардык университетинин «Суу жана жаратылышты башкаруу» институтунун «Мелиорация жана жерди коргоо» факультетине тапшырып, 2008-жылы ийгиликтүү аяктап, «Суу инженери» деген кесипке ээ болгон. Азыркы учурда Кыргыз Агрардык университетинде аспирантурада окуйт. «Кыргызсуудолбоор» мамлекеттик ишканасында инженер-долборлочу болуп эмгектенет. Алгачкы ырларын 12-13 жашында жазып баштаган. Бишкек шаарында жашайт.

## ТИЛ КӨЙГӨЙ

Кылчак карап койбой тарых сапарын,
Кызыл күндүн билбей кайра батаарын.
Кээ бир жан бар намыс-арын жоготуп,
Толуктаган «манкурттардын» катарын.

Өз тарыхын издебестен барактан,
Өз элинде өзгө тилди жараткан.
Багыты жок, басып жүргөн жаштар бар,
Бакыт кушун күтүп, «батыш» тараптан.

Эне тилим турса дагы оор жолдо,
Эсеңгиреп, жөлөк таппай колдоорго.
Кыпкыргызча сүйлөп келген жаштарың,
«Киргиздерге» айланышат борбордо.

Кылым улап, журтум келген жол мына,
Кыйчалышта кыргыз тилин кор кыла.
Жол каттамда «Останови!» деп айтат,
Жапжаш балдар «Токто!» дештин ордуна.

Тилдин баркын тушунбөстөн терендеп,
«Тилин чанган канча? Жалгыз белем..» деп,
Чычалабай жыйын кылып жат тилде,
Чондор жүрсө, жаштар кайдан кебелмек?

Там-туң баскан наристедей торолуп,
Түркүн тилдин курчоосунда оролуп,
Жетимсиреп баратпайбы эне тил,
Жерин билбей жетесиздей жоголуп?

Эй, кыргызым! Карап тарых мүлдөсүн,
Эсинди жый! Ата Журтта-үйдөсүн!
Өз жеринде кулдук урба, жат элге,
Өзгө элдер, биздин тилде сүйлөсүн!

Намыстанба, башка тилди билбесең,
Намыстанба, бай жашоону көрбөсөң.
Бул ааламга кыргыз болуп жаралып,
Сен намыстан, кыргыз бойдон өлбөсөң!

Бул ааламга кыргыз болуп жаралып,
Намыстангын, КЫРГЫЗ болуп өлбөсөн!



## ТЕГЕРЕНГЕН ЭХ, АКЧА!

Тегеренген эх акча… тегеренген,
Терге нымшып, же жерде тебеленген.
Жугуму жок, куюлуп уучка турбай,
Жуулуп түшүп, кум менен тең эленген.

Байды жандап, барктуунун жары болуп,
Бапестелдиң, баа жеткис «дары» болуп.
Кембагалга буйрубай келесиң ээ?
Кеми толгон турмуштун зары болуп.

Көр оокаттын көйгөйүн жеңсем деген,
Ким жок дейсиң өзүңдү эңсебеген.
Миң кылымдап бузулбас түптүү элди,
Мигрантка да айланттың темселеген.

Дүкөн болуп намысың акчалууга,
Дүйнөнү бүт теңсиздик башкарууда.
Барк-кадыры арзыбас сомго айланып,
Баатыр уулдар, кул болуп, ач калууда.

Сормо сазга баткандай белчебизден,
Шор тер агып маңдайдан, желкебизден.
Кыздарыбыз акча үчүн кор болушту,
Кызыл гүлдөй соолушуп, эрте үзгөн.

Мансаптууну кадырлап «сиз» дейбиз ээ?
Маңкурттуктан бакытты издейбиз ээ?
Каадабызды тебелеп, болбос ишке,
Кагаз үчүн баш сайып иштейбиз ээ?

Тегеренген эх акча… тегеренген,
Терге нымшып, же жерде тебеленген.
Жугуму жок, куюлуп уучка турбай,
Жуулуп түшүп, кум менен тең эленген.

Жугуму жок, куюлуп уучка турбай,
Журт насили кум болду, себеленген..



**ЖАМГЫРЧИЕВ Бердибек.** 1987-жылы Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районуна караштуу Ак-Терек айылында туулган. БГУнун филология факультетин 2010-жылы бүтүргөн. Кыргыз радиосу уюштурган таланттар таймашы конкурсунун жеңүүчүсү, радио алып баруучу. «Жүрөктө калган бир ысым» аттуу ырлар жыйнактын автору. Акыркы үч жылдан бери «Белес» радиосунда алып баруучу кызматын аркалап келет. Бишкек шаарында жашайт.

## СЕН АДАМСЫҢ!

Сен адамсың, жарты эмес бир бүтүн,
Сезгин, тапкын бар бакыттын үлгүсүн.
Тумандан да көрсөк болот жарык нур,
Туура кармап бу турмуштун дүрбүсүн.
Калп дүйнөгө казык болуп не керек,
Калса калаар жакшы сөзүң бир күкүм.

Сен адамсың, акыл-эстүү жансың да,
Сенек болуп тирүүлүккө жанчылба.
Аздыр-көптүр кайгы үчүн кайыгып,
АДАМ деген дарегиңе камчы урба.



Үйүп алып көөдөнүңө боштукту,
Умутуңду таштандыга калтырба.

Сен адамсың, жапыз болуп тепселбе,
Сезим өлүп калбаш керек эч сенде.
Таңгалдырып басып кеткин кулабай,
Тагдыр келип так жүрөккө тепкенде.
Көзүң барда ак дил менен жан үрө,
Көөдөнүңө «АДАМ» даның сепкенге.

Сен адамсың, кенен атта, тушалба.
Сен адамсың, так жебедей уч алга.
Келечегиң жатпаш керек оролуп,
Келечексиз кайгы, санаа, кусаңда.
Каалайм сага нур жолдорду адамзат,
Кана эмесе тагдырыңдан ут анда!

## ГЕНИЙЛЕР БАЙКАЛБАЙ ЖҮРҮШӨТ

Генийлер көзгө да көрүнбөйт,
Аларга көңүл эч бөлүнбөйт.
Кейитип жүрөгүн бекерге,
Керексиз ойлорго чөмүлбөйт.

Генийлер жөнөкөй кийинет,
Кыйналат, миң өлөт, тирилет.
Жалтырак жамынып жашабай,
Жарык нур көргөнгө сүйүнөт.

Генийлер өмүрү жутунбайт,
Чоң тойсо чокчоңдоп кутурбайт.
Жалганга жармашпайт, бир гана,
Жан дүйнө байлыгын утурлайт.

Караны көрүнбөй сыйдын да,
Генийлер көнүшөт ый-мұңга.
Акмактар асылып ийнине,
Ар дайым калышат шылдыңга.

Табышмак өмүрдү сүрүшөт,
Жалындап, от болуп сүйүшөт.
Биз менен бир жашап жатса да,
Генийлер байкалбай жүрүшөт.

Кепинге чындыкты жашырып,
Келебиз жалганга баш уруп.
Генийди таптакыр көралбас,
Демек биз пендебиз макулук.





**ЖАНГАЗИЕВ Максат.** 1992-жылы Токтогул шаарында туулган. Учурда Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филологиясы факультетинин 4-курсун аяктады. «Жаңы толкун» адабий клубунун мүчөсү. «Калемгердин пегасы» адабий сыйлыгынын ээси. «Сабат» кыргыз китеп борбору уюштурган кыз-жигиттер айтышынын башкы жеңүүчүсү. Бишкек шаарында жашайт.

## МЕКЕНГЕ

Жалтаң эмес, Мекен үчүн мен эрмин!
Жашооң үчүн жүрөктү да берээрмин!
Ушул жерден киндик каным тамчылап,
Ушул жерден сүтүн эмгем энемдин…

Көркөмүңө кимдер кандай баш багаар,
Билбейм кандай сүрөттөшөт башкалар…
Заманама дем, күч берет а менин,
Заңкайышып калпак кийген аскалар…

Көңүл эзип, ызаа кылса болгон муң,
Келет сенин мээримиңе коргонгум…
Жетпейт сенин көркөмүңө эч бир жер,
Жетпейт сага сулуулугу Лондондун!

Чөгөлөгүм келет сага башты ура,
Четтеп кетсем сагынаармын, жаш сыга…
Жетпейт сага эч бир өлкө, эч бир шаар,
Жетпейт сага Берлин, Париж, Москва!

Сезим күчөп сүйүп барам күндө мен,
Сендей Мекен таппайбыз чын дүйнөдөн…
Калпак кийип «кыргыз болуу» оп-оңой,
Кыргыз эмес бирок сени сүйбөгөн!

«Башка жандар» түк тийбесин кутуңа,
Балта тийбес болсун бадал учуна…
Ылай жолдо басканыма кайылмын,
Ыйык мага Мекенимдин кушу да!

Баркын билбей, бирок ийип башыңды,
Башы жоктор байлыгыңа асылды…
Бийик тутуп а мен сенин тузуңду,
Ыйык көрөм жолдо жаткан ташыңды!

Өскүн өлкөм! Өсө бергин! Бийикте!
Биз ант кылып сөз берели жигитче:
Так такымын каселичи ошонун,
Кимдер сенин чырпыгыңды ийишсе!

Аман болсок шылкыйтпайбыз тууңду,
Каалайм сага кызмат кылып туруумду…
Чарчабастан ырга жазып өтөөрмүн,
Чаң ызгыган жолдоруңду, сууңду…

Чал болгуча жазып жүрүп өтөөрмүн,
Чаңкаганда мүрөк болоор сууңду…



## КАЙРАН ТИЛ

Кыргыз тили – улут үчүн коргон тил,
Кыргыз менен кошо пайда болгон тил.
Бүчүр байлап,кылым жашап келсе да,
Бүгүнкүлөр балта чапкан ойрон тил…

Кадамына камчы тийип жолдордон,
Капилеттен келечеги тордолгон…
Кадыр-барკы дүйнөгө тең болсо да,
Кайран тил ай,”киргиздерге” кор болгон…

Эне тилин турат дешсе алсырап,
Тулку боюм жүк баскандай жанчылат.
Эгер билсең, намысы жок, эй киргиз,
Эшек деле өз тилинде айкырат!

Бул дүйнөдө билген өздүк жөндөмүң,
Макулукча башы жокпу пенденин?!
Өз тилинде сүйлөгөндөн уялсаң,
Ошол сенин тирүү туруп өлгөнүң!

Тилди сүйүп, улут деп күй, жалында,
Тил жан азык болуп берет жаныңда.
Жоготпоюн десең эгер өзүңдү,
Кыргыз деген кан жүгүрсүн тамырда…

Балаң кыргыз болсун десең, кандашым,
Бабалардан калган тилди кадырла!!!



**ЖАНЫБЕКОВ Маматибраим.** 1963-жылы Ош областына караштуу Кара-Кулжа районунун Куйөө-Таш айлында жарык дүйнөгө келген. 1980-жылы "Кайың-Талаа" орто мектебин бүтүргөн. 1981-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, 1983-жылга чейин Ооган жергесинде аскердик кызматын өтөгөн. 1996-жылы ОшМУнун кыргыз филология факультетин аяктаган. 1996-жылдан бери Жазуучулар союзунун мүчөсү. 2005-2010-жылдары "ЭлТР" телерадио компаниясында редактор, продюсер, Ош радиосунун директору, башкы директордун орун басары кызмат-тарында иштеген. 2011-2013-жылдар аралыгында "Сулайман Тоо" музей комплексинде башкы директордун орун басары, Ош облустук куурчак театрында директордун орун басары кызматын аркалаган. Учурда ОшМСУнун маалымат кызматын жетектейт. Ордолуу Ош шаарында жашайт.

## ЛОКОМОТИВ

Мен эски локоматив…бараткан темир жолдо,
Жүрөмүн алга гана, бурулбайм оңго-солго.
Станциям туугандарым, уй бүлөм, жалгыз досум,
Токтобойм башка жерге тормоз жок капа болбо?!
Мен эски локоматив бараткан кайчы жолдо.



Тыкы-тук дөңгөлөгүм чыкпай эч чыйырынан,
Тируулук ал четинен көз жеткис кыйырына
Жол тартып бара жатам чиркелген вагонум бар.
Таштабайм мен аларды кумдуу чөл куюнуна.
Жеткирем кыргыз көчү из салган чыйырына.

Чыкпаймын Кыргыз Ата из салган чыйырынан,
Анан да гүл сээп өтөм Ата Журт кыйырына.

## КЫРГЫЗ ТООЛОРУ

Көргүң келсе ат жалында – жоокер кыргыз элесин,
Башка жерге салыштырып кырка тоолуу белесин.
Саякаттап жөн гана эмес,чындап буруп көңүлдү,
Төгөрөктүн төрт бурчунан каалагандар кел,өзүң!
Көргүн келсе ат жалында кыргыздардын элесин.

Тебелебе шагыраган – купкуу шагыл-таштарын,
Билсең булар кылыч кескен – чоролордун баштары!
Баатыр кыргыз алп денеси – найза бузган төш сөөгүн,
Куралдары кошо каткан колдоруна ашталуу.
Жөн таш эмес мобул тоонун – корум-корум таштары!

Ойго келбей касташкандан – шейит болуу, соо калуу,
Ат үстүндө төгөмүн деп – каршылашкан жоо канын.
Жапа чеккен жаш баатырдын жүрөк каны оргуган,
Тээ тетиги кашка булак жарып чыккан зооканы.
Жаш баатырдын жүрөк каны,төгөм деген жоо канын.

Кошкурунуп чапчып жердин кан жыттанган катмарын,
Жайдак кетпей ээсин таштап, ташка айланган аттары.
Уламыштуу кыргыз тоосу – көрсөтмөсү тарыхтын,
Сактап калган өз бооруна кылымдардын тактарын.
Уюп калган кыргыз каны – жердин жошо катмары!

Тебелебе улуу тоонун корум-корум таштарын,
Билсең булар кылыч кескен чоролордун баштары!



**ЖАРКУЛОВА Жумакан.** 1966-жылы 11-ноябрда Сузак районундагы Канжыга айылында туулган. Багыш айылынын тургуну. Орто билимдүү. Сузак районундагы «Асыл-Ай» мүмкүнчүлүгү чектелген коомдун жетекчиси. Үй бүлөлүү, 3 кыз, 1 уулдун энеси.

## УРПАКТАРГА

Төргө өтүп орун алуу пейлибизде,
Мейман достук, улуулук дилибизде.
«Киргизбайлар» үйрөнүп өтөбүз дейт,
Кыргыз деген улуттук тилибизге .

Жыла басып жыйырма жылдан ашып,
Кыргыз тил деп күйүгүп бирде жашып,
Өркүндөтүү тил мыйзамын талкуу болду,
Кыргыз тил кылымдарга кызмат кылып.

Жыйынын да кыргыз тилге салмак болду,
Сүйүнүп  алга умтулуп Кыргыз тилим,
Көчөбузгө өз тилинде жарнак толду.
Маданиятсыз ЭНЕ тилин билбейт деген.
Кайсыл улут өз тилине күйбөйт экен?



Кыргызымда жакшы макал бар да элим,
«Көч жүрө-жүрө түзөлөт» бейм.
Деректеп дей беребиз, деген менен,
Жакшы заман келетат, баары кенен.
Оо, кыргызым улуу журтпуз анткен менен!

Арданам намыстын жоктугуна,
Башка тилде өсүү деп өзгөргөнүн,
Бирок алар колдонушпай көз көргөнүн.
Өз элинин үрп-адатын билбей туруп,
Бөтөн элдей тебелешип ата төрүн.

Айланайын уюткулуу кыргыз элим,
Сактайлычы кыргыз тилин, кыргыз дилин.
Туш тараптан акылдуу болобуз деп,
Өчүрбөйлү тарыхтан кыргыз изин.
Асылдыгын, намыстуу, нарктуулугун.

Жарашкан өзүбүзгө кыргыз ӨҢүн,
Акырки кесепетин жүрүш -турүш,
Туурабай башка улут каадаларын.
Зыяны тийбесе экен бийик жерге.
Өстүргөн бөтөн элде бала мээрин

Суу менен аба өндүү керек болот,
Тарыхын билүү керек урпактарың,
Тагдыр да сага бир кун чекит коет.
Акча үчүн азгырылбай бек бололу,
Ата салтты, намысты бийик тутуп.

Кылымга өткөрөлү бүтүн кылып,
Алгала, алгалай бер улуу журтум!



**ЖУМАБАЕВ Эрик.** 1993-жылыдын 23-январында Ысык-Көл областынын Түп районуна караштуу Балбай айылында төрөлгөн. 1999-жылы Зина Мамбетсеитова атындагы Балбай орто мектебинин босогосун аттап 2010-жылы ийгиликтүү аяктаган. Учурда Бүбүсара Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик Искусство институтунун Социалдык маданий ишмердиги кафедрасынын студенти. Бишкек шаарында жашайт.

## АТА ЖУРТУМ

Крбөдүм көзүңдүн жарык нурун,
Көөдөнүм козголуп жанып турдум.
Көп карап жолуңдан күтүп келем,
Көрүнбөйт карааның Ата Журтум.

Көркөмүң тартылып көз алдыма,
Көзүмдөн тамчылайт мөлтүр жашым.
Көк асман чагылган, алтын көлүм,
Көктөмүн сагындым, салкын төрдүн.

Алыстан айтамын саламымды,
Алтын кел айтып тур кабарыңды,



Арнаймын бир сенин элесиңе,
Ар сөздөн куралган жалаң ырды.

## ЖАШТЫН ОЙУ

Күндөрү болду, күүлү-күчтүү жаштыктын,
Түндөрү болду, ойноп күлгөн шаттыктын.
Арасында алсыраган жүрөгүмдү кыйнаган,
Арман кошкон жылдары өттү турмуштун.

Өмүр болсун өксүбөгөн күйбөгөн,
Катаал турмуш татымын эч көрбөгөн.
Ажал келип колдон жулуп турса да,
Өмүр болсун түгөнбөгөн, гүлдөгөн,

Сезим болду жүрөк кылын термеген,
Сезбей келем бирок булар эмнеден.
Ыр куйулат жүрөк түбүн талкалап,
Ыраатты жок, илхом менен келбеген.

Качан келет? Кимдер келет алыстан,
Күтө берем, карай берем жолумдан.
Күн алыстап, күтүп турсам көз салып,
Күүлөр келет, ырлар келет капыстан.

Кагылайын байлык аттуу жыйбагын,
Канжары жок жүрөгүмдү кыйбагын.
Туура сүйлөп, чындык айткан айкөлдү.
Турмуш чиркин, туш-тушунан тыйбагын.

Ала-Тоонун суусун ичип чоңойгон,
Ата-Журттун тузун татып коройгон.
Алты түндө арзуу кылып ыр жазган,
Айкөл жаштын оюу болду оролгон.



**ЖУНУСАЛИЕВ Бакытбек.** 1980-жылы Талас районунун Көк-Кашат айылында туулган. 1997-жылы Атай Огонбаев атындагы орто мектебин бүтүрүп, 1999-2004-жылдары Кыргыз-Түрк Манас университетинин котормочу бөлүмүн аяктаган. 2006-жылдан бери Арашан гуманитардык институтунун теология факультетинде окутуучу болуп эмгектенет. 2008-жылдан бери «Шоокум» журналы менен кызматташып иштеп келет. Бир топ ыр конкурстарынын жеңүүчүсү. Бишкек шаарында жашайт.

## АТА ЖУРТТУН ҮМҮТҮН АКТАГЫЛА

Кылымдарга из салчу учур келди,
Кыргыз эли өнүкчү жолдо мына.
Кызуулукка алдырып, кыя жолдо,
Кыянаттык иш жасап койбогула.
Ар намысы өлүмдөн өйдө болгон,
Аталардын ак жолун жолдогула.

Ата салтын бек тутуп сактагыла,
Ар намысты акчага сатпагыла.
Өргө тартчу кез келди өлкөбүздү,
Өсө турган өз жолун тактагыла.



Абийирди ар дайым бийик коюп,
Ата Журттун үмүтүн актагыла.

Алсыз алар – үмүтү тордогулар,
Айланайын, үмүтсүз болбогула.
Ар бириңер Манастын урпактары,
Ата Журттун намысын коргогула.
Кыргызымдын намыскөй жигиттери,
Кыйын кезде Кыргызды колдогула!

Изи менен тарыхты сынагыла,
Ийилбестен намысты чыңагыла.
Дүңгүрөтүп заманың келе жатат,
Дүбүртү күч жаш муун мына-мына!
Үңгүсүна жарачу кыргызымдын,
Урпактары Манастын мына-мына!

## СЕН ҮЧҮН КЫРГЫЗ КҮЙӨТ

Бийик көтөр туунду, бийик көтөр,
Ала-Тоодой ак калпак кийип көтөр.
Биргелешкен бийикти багындырат,
Биримдигин журтундун сүйүп көтөр.

Уруучулук адаты урап бир күн,
Үңгүсү күч өлкөнү курат билгин.
Көчмөн кыргыз көп кылым сактап келген,
Көкүрөктө улуу күч турат билгин.

Бийик көтөр туунду, түшүрбөгүн,
Биз кыргызбыз, ошону түшүн – дегин.
Кылымдарга бөлүнбөй жашап келген,
Кыргыз эли азыр да бүтүн – дегин.

Алга кетсен «Кыргыз» деп сыймыктанып,
Ата-тегин улуктап кыргыз сүйөт.
Өлүм деген башта бар ар пенденин,
Өлсөң дагы сен үчүн кыргыз күйөт.



**КАДЫРОВ Медербек.** 1983-жылы Кара-Кулжа районуна караштуу Алайкуу өрөөнүндөгү Терек айылында төрөлгөн. 2000-2005 жылдары Ош мамлекеттик университетинин теология факультетинде окуган. 2009-жылы Турция мамлекетиндеги Анкара университетинде теология илимдери боюнча магистратураны аяктаган. 2011-жылы Түркия өкмөтүнүн алдындагы муниципалдык башкаруу институтунун магистратурасын бүтүргөн. 2013 жылы Иорданияда араб тили боюнча билим алган. Учурда Анкара университетинде доктордук изилдөөсүн улантууда. «Эне жана махабат» ырлар жыйнагынын автору. Анкара шаарында жашайт.

## ЭНЕКЕ, ЖЫРТЫЛГАН ЖАН-ДҮЙНӨМДҮ ЖАМАП БЕРЧИ!

Энеке, бар дүйнөмдүн жарымысың,
Мен болсом бир тал чырпык,
Энекем, сен анын тамырысың.
Эки дүйнө жыргалын берсе дагы,
Эч нерсеге өзүңдү алмашпаймын.
Пайгамбарым бейишке барат деген,
Эң кымбат адамысың… бул ааламдын!



Энеке, эстеп кеттим,
Жайлоодо козу-улакка аралашып,
Жанында жүргөн кезим.
Унутпай жүргөм дале… укпай кебиң,
чукулап ойногонум, боз үйдүн тешиктерин…
Сен дагы эстейсиңби?
Күн күркүрөп, жамгыр төккөн бир күнү,
Чырылдап… катуу корккон чагылгандан,
Көз ирмемге жарык кылган кара түндү…

Эсимден өчпөй калды…
Шамал болуп, кычырап боз үй уугу,
Тамчылап тешиктерден жамгыр суусу.
Табалап турган өңдүү сезилди эле,
Асмандын күркүрөгөн ызы-чуусу.

Энеке, эстедиңби?
Жабышып, кое бербей этегиңди,
«Жүрөгүм үшүп жатат» дегенимди…
А мен болсо унутпадым…
Жылмайып, колуң менен аяр сылап,
Жүрөгүмдү жылытып бергениңди…

Эсимде дале турат…жыртыгын байпагымдын
Үшкүрүп чечип алып жамаганың…
Үзүлгөн топчусун көйнөгүмдүн,
Үкөктөн башкасын таап кадаганың…
Үшүгөндө, суук тийип,
Үлүл сымал түйүлүп ооруганым.
Көз алдымда дале турат.
Үнөмдөп бекиткен кант-набатыңды,
Үйрүлүп оозума кармаганың.

Энеке, билесиңби?
Боз үйдүн кийизиндей,

Тешишти… жасап алган кооз дүйнөмдү.
Жыртыктардан кирген шамал,
Сапырат жалындан калган күлдү.
Апкаарып кургур жүрөк дүк-дүк кагат,
Укчудай «коркунучтуу» тааныш үндү.
Эңсетти эне… колдоруңдун жылуулугун,
Тынчы жок жүрөгүмдүн, титиреп үшүгөнү…

Энекебай, азыр эми,
Айта албай койдум сага,
Байпак эмес, жыртылганын жан-дүйнөмдүн.
Алданып абийирсиз адамдарга,
Топчу эмес, үмүт жиби үзүлгөнүн.
Кечээги «жакын» болгон көр пенделер,
Бүгүн минтип жүздөрүн үйрүгөнүн…

Мунун баарын билгениңде,
Үкөктөн издеп таап ийне-жибиң,
«Дүйнөңдү жамаймын» деп жөнөөр белең…
Учугу «үмүт жиптин» табылбастыр,
Дегениме алтын энем көнөөр белең?

Жолумду күндө карап, күтүп мени,
Белендеп, берейин деп, бар дүйнөңдү,
Деп ойлоп, кирип келээр эрте-кечти.
Барганымда батынып айта аламбы
«Энеке, жыртылган жан-дүйнөмдү, жамап берчи?!»





**КАЛДЫБАЕВ Нурланбек.** 1967-жылы Ош обулусунун Өзгөн районундагы Кара-Тарык айылында төрөлгөн. Кесиби тоо-кен инженери, Томск политехникалык институтун бүтүргөн. Азыркы учурда Ош технологиялык университетинин доценти, Улуттук Илимдер академиясынын Эмгек сиңирген кызматкери. Үй-бүлөлүү, эки уул, бир кыздын атасы. Алтымышка жакын илимий эмгектердин жана эки ойлоп табуунун автору. Ордолуу Ош шаарында жашайт.

## ЖАШОО КЫЗЫК!

Жашоо кызык киного да окшоп кетет,
Актердойбуз эчен түрдүү рол ойноп.
Режиссеру кудуреттүү Аллах өзү,
Студия Жердин бети томолок.

Сценарий күндө эле эмес,
Саат сайын алмашат.
Көз ирмемде кадр жылып,
Кийинкиси аны улай жалгашат.

Сыноолор көп, бул фильмде адамзатка берилген
Санааркатып, учурлар бар түңгүюкка камаган.
Кээде шашып, жоо кубалап жаткансып
Каскадердой секиребиз бийик тоодон, жарлардан.

Жашоо кызык, экрандан карап турсаң,
Пленкасы көп түстүү, кээде болсо ак-кара
Кээ бир жери – курч сюжеттүү мелодрама,
Субтитрсиз да тиктей турган таң кала….

## ЭМНЕ ҮЧҮН?

Көп талашта акылдуунун үнү угулбай,
Көмүскөдө билинбестен кала берет.
Кеп төркүнүн андабастан айкырып, же
кыйкырып сүйлөгөндөр баарын жеңет?…

Уятсыз -татаал жолго түрттүң сен деп,
Чынчылдарды чын жүрөктөн уяткарат.
Боорукерлер карызга бере берип,
Аягында өзү болсо үйсүз калат…

Оздорум чылым чексе,
Жан дүйнөм азап чегет.
Жаз алдында байчечекей ордуна,
Клавиштен саптар терет…

Ныпымдай жел жок туруп,
Асманды каптайт булут…
Жан дүйнөм сыздай берет,
Жалганды көрүп туруп.





**КАЛЫБЕКОВА Чынара.** Кара-Буура районунун Шекер айылында 1961-жылы туулган. 1978-жылы Шекер орто мектебин, 1980-жылы Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрдын алдындагы эки жылдык театралдык студияны аяктаган. Эмгек жолун Нарын музыкалуу драма театрында иштөө менен баштаган. Чынаранын аткаруусундагы чыгармалар кыргыз радиосунун “Алтын казынасына” жазылып алынып, жыйырмадан ашуун обондуу ырлары нотасы менен «Жүрөктөгү сыр» аттуу ырлар жыйнагында камтылган. Акын, драматург, дастанчы жана актриса. КРнын Президентинин «Ардак Грамотасынын», КРнын маданиятына Эмгек сиңирген ишмер. Маданияттын мыкты кызматкери Төш белгисинин, Токтоболот Абдумомунов жана АалыТокомбаев атындагы сыйлыктардын ээси. Жазуучулар союзунун жана Кыргызстан драматургдар ассоциациясынын мүчөсү. Учурда борбордогу Кыргыз мамлекеттик жаштар театрында эмгектенет.

## ЫРЫМДЫН ОБОНУ СЕН – КЫРГЫЗСТАН!

Сайра комуз, добушунду коштоп сайра,
Мен ырдайын кылымдарга – Кыргызымды.
Кайсы элден көрө алдың, айтчы досум?!
Кыргызымдай, таңкы Чолпон жылдызымды.

Ырымдын обону сен – Кыргызстан,
Кушумдун коноору сен – Кыргызстан.
Көркүндү көкөлөтүп ырга айлантkan,
Көңүлдүн зобоолу сен – Кыргызстан!

Мен бийлейм, бар сырыңды бийге кошом,
Толкундап, ар бир танда обон созом. – Кыргызстан!
Мекеним, алтын уям, сен энемсиң!
Сен атамсың, мен бир ботоң!

Ырымдын обону сен – Кыргызстан
Кушумдун коноору сен – Кыргызстан.
Көркүндү көкөлөтүп ырга айлантkan,
Көңүлдүн зобоолу сен – Кыргызстан!

Доор айланып, доорлорго кеткен кыргыз,
Сайра комуз, күүгө салгын кыргызымды!
Уксун аалам, дагы кайрып бир шаңшыгын,
Кылымдарды таңданткан Чыңгызымды!

Ырымдын обону сен – Кыргызстан,
Кушумдун коноору сен – Кыргызстан.
Көркүндү көкөлөтүп ырга айлантkan,
Көңүлдүн зобоолу сен – Кыргызстан!

## ӨМҮР КЫСКА

Биз адамдар,тирүүлүктүн баркын билбей кейийбиз.
А, өмүрүң, өтүп кетет өткүндөй.
Башка келген, бак – дөөлөттү бек карма.
Жашап өткүн, бул жалганда өкүнбөй.

Пендебиз да, кээде ыксыз басабыз.
Байкабайбыз, баштан өтөт катабыз.



Таш ыргытса, көрө албастар, «шайтандар»,
Тактабастан… таарынтканча шашабыз.

Мезгил гана, бизге болот арачы.
Өмүр кыска, тең салмактап карачы.
Болбосо деймин, бул жашоодо өкүнүү…
Өксүк салган, жашоонун ак – карасы.

А, адамдар, ыксыз кээде тирешет.
Билинбестен көңүлдөргө кир кетет.
Жароокер бол, жарыкчылык тең жетет.
Жалган дүйнө… бир келет да, бир кетет.

Кетсе өмүр, кайра артына кайрылбайт.
Кыйкырсаң да, ал басыгын жай кылбайт.
Бакыт деген колго конгон куш тура.
Кармап калсаң, баштан кетпес кут тура.

Теңир берген, бул жашоону көп көрбөй.
Жаша пендем, жашоону текке өткөрбөй.
Ар бир күнүң чоң майрамдай болсунчу.
Жоодурап турсун, жан дүйнөң жазгы көктөмдөй!



**КАМЧЫБЕКОВА Лира.** 1983-жылы 14-январда Жалал-Абад областына караштуу Аксы районунун Кызыл-Жар айылында туулган. Ош Кыргыз-Өзбек университетинин кийимдер дизайны факультетин 2006-жылы ийгиликтүү аяктаган. Үй-бүлөлүү, бир кыздын сүйүктүү апасы. Учурда Казакстандын Алматы шаарында жашайт.

## АЛА-ТООГО САГЫНЫЧ

Көздөн учуп мекенимдин калаасы,
Жашыл шибер, айылдары, талаасы,
Көздү жумуп баарын таштап кетким бар,
Ойлогондо, ата – энемдин санаасын.

Сагындырып ала – тоолуу адырлар,
Куюлушуп чыгат ичтен жаңы ырлар.
Анан окшоп мүрөк суудай өмүргө,
Күндүн нуру, жана жааган жамгырлар.

Бөлөк журтта, бөлөк болуп баарысы,
Таптым акча, достун дагы жаңысын.



Таптым баарын, таба албадым бир гана,
Сага болгон сагынычтын дарысын.

Күт Ала-Тоо, жол ачылса барайын,
Күтүп алчы, күлүп, ачып кабагың.
Өзгө журтка таштап баардык дартымды,
Сагынчымды сага алып барайын!

## УБАКТЫЛУУ КОШТОШУУ

Оо, Ала – Тоо, кетким келбей эч эле,
Келген сайын сызыламын эмнеге?..
Сапар тартып, сенден узап кетээрде,
Окшоштурам мени узаткан энеме.

Оо, Ала-Тоо, сырдуу болуп көңүлүң
Ичтен сызып капалуудай көрүндүң.
Убактылуу алыс кетем өзүңдөн,
Толтурам деп бөксө жерин өмүрдүн.

Унутууга, жүрөктү эзген капамды,
Кетип барам, билбейм, жолум табамбы?
Тапшырамын сага, ыйык Ата-Журт,
Эң кымбатым, атам менен апамды!



**КАСАБОЛОТОВ Жыргалбек.** 1971-жылы Бишкек шаарында туулган. 1988-жылы Бишкектеги № 5 орто мектепти бүтүргөн. КМУнун кыргыз филологиясы факультетинин журналистика бөлүмүн аяктаган. 1991-жылдан тартып «Асаба», «Заман Кыргызстан» гезиттеринде кабарчы, «Ата журт» гезитинде башкы редактор, «Де-факто» гезитинде башкы редактордун орун басары, ТИМдин басма сөз кызматтарында жооптуу кызматкер, КТРде, «Кыргыз жер» телекомпанияларында редактор, «Кабар» маалымат агенттигинде маалымат-аналитикалык бөлүмүнүн башчысы, «Азаттык» радиосунда интернет-редактор, «Журналисттер» коомдук бирикме долбоорунда жооптуу редактор болуп иштеген. 1999-жылы КР Президентинин «Алтын калем» сыйлыгынын жана «Ардак баракчасынын» ээси болгон. Жаш акындардын Табылды Муканов атындагы сынактын жеңүүчүсү болгон. 2012-2014-жылдары Кыргыз улуттук «Кабар» маалымат агенттигинин директорунун биринчи орун басары болгон. Учурда машыктыруучулук жана аналитикалык технологиялар менен алектенет. Бишкек шаарында жашайт.



## УЯТ

Тарыхтын такаат берип айбатына,
Тагдырдын агып кетпей дайрасына,
Талабын келечекке ташып өткөн
Таң берем, улуулардын кайратына.

Сунулуп көпүрөдөй эл жүгүнө,
Суурулуп бар дүйнөнүн кеңдигине,
Суу кылбай улут шамын, колу күйгөн
Суктанам,бабалардын эрдигине.

Алдуусу күчүн сынап коркогуна,
Анысы үмүт артып чоркогуна,
Апкаарып, айран көрсө үйлөп ичкен
Арданам,азыркынын борпоңуна.

Малынып майда-барат күнөөсүнө
Максаттын шар жете албай мүдөөсүнө,
Уйкунун камагында уюп жаткан
Уялам, өз башымдын жүдөөсүнө.

Чыйрыгып, чындык сөздөн бекинебиз.
Чыгалбай күнүмдүктөн эзилебиз.
Чымчыктын салмагына чыдамы жок
Чынардын чырпыгындай сезилебиз.

Улутпуз, ууз өңдүү уюп жаткан,
Уучунда улуулугун туюп жаткан.
Өзөнбүз, өз туңугун баалай албай,
Өзгөлөр өз агымын куюп жаткан.

Камгактай жеңил тартып салмагыбыз
Камынбай энөө жатат, балбаныбыз.
Кап аттиң, көп нерседен кечигиппиз,
Калса экен кыргыз бойдон балдарыбыз!

## КЫРГЫЗ ТИЛИ

Кызыл оттой сөздөрүн жаныткан тил,
Кыйла акындын таңдайын талыткан тил.
Кыргыз деген журт менен бирге туулуп,
Кылымдардын далайын карыткан тил.

Айкөл Манас калкына сүйлөгөн тил,
Арабасын тарыхтын сүйрөгөн тил.
Эгемендик заманды сүйүнчүлөп
Эртеңкиге канатын күүлөгөн тил.

Камчы болуп капкачан өрүлгөн тил,
Кара селдей каптаса төгүлгөн тил.
Калк ишине жан берген кайыптардын
Кадимкидей карааны көрүнгөн тил.

Аалам сырын абалтан топтогон тил
Акыл айтса – айыгыш токтогон тил.
Тагдыр чечээр үмүтүн артып коюп,
Тайторунун жүрүшүн коштогон тил.

Түгөнбөстөн түбөлүк жайнап турсун,
Түпкүрүнөн от жанып, кайнап турсун.
Бүгүнкүдөн башталган келечекте,
Бүтүн дүйнө кыргызча сайрап турсун!





**КЕЛДИБАЕВ Азирет.** 1989-жылы Ош областынын Кара-Кулжа районундагы Кеңеш айыл өкмөтүндө дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 2008-жылдан бери Россиянын Санкт-Петербург шаарында иштейт.

## БАЛАЛЫГЫМ КАЙТЫП КЕЛГЕН ӨҢДӨНӨТ\

Короз менен кошо турдум эртелеп,
Мээлүүн шамал бет аймалап термелет.
Жайлоодогу так азыркы көрүнүш,
Балалыктын бир тамчысын эскертет.

Жүрчү элем уйкусурап, музоо айдап,
Көгөндөргө бирден кармап козу байлап.
Күн кызарып эми гана нур чачаарда,
Бээ издөөгө жөнөчүмүн кырлап, сайлап.

Жолго чыктым жорго атты камчылап,
Минген атым убакыттай шашылат.
Улам жолдон тааныш адыр көргөндө,
Балалыгым калып жатты тамчылап.

Айылыма кирип келдим түш чендеп,
Койчу элем ар жыл сайын бой ченеп.
Азыр барып ал сызыкка теңешсем,
Кеткен экем терек сымал серендеп.

Үйгө кирсем иним койбой эркелейт,
"Ойнойлу"- дейт, тартып колдон жетелеп.
Балалыгым чакыргандай сезилди,
Кайтып келген иним болуп мени издеп.

Кум чогултуп бир шаар курдук экөөлөп,
Курган сайын шаар баратты өйдөлөп.
Ушул шаардай өйдө кеткен балачак,
Иним болуп кайтып келген өңдөнөт.

Кээде чуркап, кээде жаттык жөрмөлөп,
Чогуу ойнодук түртүп желим дөңгөлөк.
Жаш кездеги мен жоготкон күндөрүм,
Иним болуп кайтып келген өңдөнөт.

## МАГА ӨЛКӨ КЕРЕК?

Мага өлкө керек!
Ажосу качпай турган.
Өз элин атпай турган
Кыргызча маек куруп.

Өз тилин барктай турган.
Мага өлкө керек!
Президенти качпай турган,
Жер-кенин сатпай турган.

Жоокери курал кармап,
Эл- жерин сактай турган.



Мага өлкө керек!
Башчысы качпай турган.

Тескери баспай турган,
Өзүнөн кийинкисин,
Оң жолго баштай турган.
Мага өлкө керек!

«Энесин» барктай турган,
Эркегин мактай турган.
Кыздары белин чечип,
Денесин сатпай турган..

Мага өлкө керек!
Өкмөтү качпай турган.
Өлкөсүн сатпай турган
Өрүштөп төрт түлүгү.

Өзөнгө батпай турган.
Мага өлкө керек!
Кымызды сатпай турган,
Кыздарын барктай турган.

Бой жеткен балбан жигит,
Жумушсуз жатпай турган..
Мага өлкө керек!
Өнүгүп гүлдөп турган.

Өз тилде сүйлөп турган,
Өз киндигин өзү кесип,
Өз элин өзү гана,
Кыргыз гана бийлеп турган!



**КЕЛДИБЕКОВ Бекмурат.** Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу 1-Май айылында 1990-жылдын 29-июлунда мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 2008-жылы аталган айылдагы орто мектепти бүтүргөн. Жогорку билимдүү. Учурда Ош шаарында жашайт.

## АТА ЖУРТУМ

Эркин ойноп коюнунда асканын,
Эстен кетпейт алгач ирет басканым.
Эркелетип өз баландай torолтуп,
Эне болдуң, ак сүтүңдү таткамын.

Оо, ал кезде ойноок бала, жаш чагым,
Тулпар кылып чырпык минип чапкамын.
Салкын соккон шамалыңа эркелеп,
Канча жолу жарышам– деп, шашкамын…

Өттү мезгил, кетти жаштык курагым,
Эми башка, эрке жүргөн улагың.
Эр жетилдим мекен үчүн жан берип,
Мекен үчүн таштан бекем турамын!



Тоолоруң да, сууларың да керемет,
Сага теңдеш болоор дүйнө келе элек!
Алтын берсе таштарыңды алмашпайм,
Ата Журтум айга, күнгө теңелет!

Ант беремин мекен үчүн, жигитче!
Эми мени жумшак айтып жибитпе.
Сызгын десең тулпарыңмын тапталган,
Учкун десең шумкар болом бийикте!

## МЕКЕНИМДИН БАЛДАРЫ

Таалайлуумун тагдыр экен бул дагы,
Кыргыз кылып, кыргыз жерин арнады.
Керек кезде жан берүүдөн тайманбас,
Мекенимдин мен сыяктуу балдары.

Бактылуумун жазмыш экен бул дагы,
Бейиш сындуу кыргыз жерин арнады.
Кыйын чакта кылыч болуп сууралган,
Кыраан келет кыргызымдын балдары.

Кубанаарым, эң кымбатым бул жагы,
Мекенимдин жашыл майсан жан жагы.
Кайгысы жок, куунак өмүр сүрүшөт,
Ак калпактуу Ала-Тоонун балдары!..



**КОШАЛИЕВ Улан.** 1983-жылы 4-мартта Токтогул районунун Чоң-Арык айылында төрөлгөн. Орто мектепти алтын медаль менен аяктаган. 2005-жылы И.Арабаев атындагы КМПУнун алдындагы Европалык цивилизациялар институтун бүтүрүп, француз жана англис тили боюнча лингвист-котормочу адистигине ээ болгон. 2004-2008 жылдары борбордогу туристтик компанияларда тилмеч болуп иштеген. Орус, француз, англис жана корей тилдеринде эркин сүйлөйт. Учурда Түндүк Корея өлкөсүнүн Кимчон шаарында жашайт.

## ЧОҢ АРЫКТА

Көк чийген мөңгүлөрдөн башат алып,
Көбүктөп Узун-Акмат келет агып.
Жанында буркан түшкөн бул чоң суунун,
Жайгашкан туулган айылым - Чоң-Арык.

Алыска алып кетип жашоо шары,
Арадан өттү өмүрдүн ай-жылдары.
Тестиер бала кезде кеткен бойдон,
Жетилип, жигит болуп кайтып бардым.



Барганда жүрөгүм бир түйлап алды,
Балалык кезим менин кайда калды?!
О, ал кез башкача эле, азыр башка!
Ойлорум ал күндөргө айдап барды:

Көчөлөр, биз ойногон кубалашып,
Көрүнчү ат чабымдай аяк-башы.
Денемдин мүчөсүндөй тааныш эле,
Дөмпөйүп чыгып турган ар бир ташы.

Кар эрип, жаз келгенде теребелге,
Чурулдап, байчечекей теребиз деп.
Чыкчубуз тигил турган адырларга,
Жаз сайын ал күндөрдү келем эстеп.

Караңгы калың каптап, түн киргенде,
Карайган бак үстүнөн жезкемпирлер.
Шыпыргы минип учуп келатканда,
Шашылып кирчүм үйгө мен жеткирбей.

Көз салып күнгөйдөгү алп тоолорго,
Козголбой тиктеп, батчумун ойлорго:
«Ал тоонун чыксаң эгер чокусуна,
Көрөсүң дүйнө элин - баары ошондо!»...

Байырлап менин байоо балалыгым,
Башкача бир сыйкыры бар айылым.
Ар дайым эсимдесиң. Аман болсом,
Арналар дагы өзүңө далай ырым..



**КУБАНЫЧБЕКОВ Акбар.** 1992-жылы Нарын областына караштуу Ат-Башы районундагы Кара-Суу айылында жарык дүйнөгө келген. «Периштенин канаты» аттуу эки басылыш менен чыккан ыр жыйнактын автору. Азыр эстрада ырчылары ырдаган 20 дан ашык ырдын автору. Учурда Улуттук университеттин 4-курсунун студенти. Бишкек шаарында жашайт.

## МЕН МАКТАНАМ

Мактанамын! Мактангыдай жөнүм бар!
Мактанаарлык КЫРГЫЗ деген өңүм бар!
Мелмилине ар бир жанды бөлөгөн,
Мөлтүр таза, менин Ысык-Көлүм бар!

Мактанамын! Мактангыдай шартым бар!
Мейман келсе сый көрсөткөн калкым бар!
Мезгилинде Манас бабам жол кылып,
Муундан-муунга мурас болгон салтым бар!

Макал айтып жоо токтоткон тилим бар!
Мухит сымал чалкып жаткан дилим бар!



Мал-жандыкты, адам-затты тең карап,
Муң басканда колдой турчу пирим бар!

Маданият, ынтымак бар, ырыс бар!
Мартабалуу өчпөс ысым Чыңгыз бар!
Мүмкүнчүлүк болуп турса колунда,
Мактангыла! Мактангыла! Кыргыздар!

## ЖОЛ

Этин жаппай көптөр жүрөт элире,
Эсин таппай өлкөм турат демиге.
Эки дүйнө тең ыраазы болоюн,
Эх, Улуу Зат! Жол көрсөтчү элиме!..

Дайыны жок бош күндөрдү кечирип,
Дарак көрсө жүргөндөр көп бекинип.
Дареги жок баратабыз саз менен,
Дөмбүл баштан дөмбүл башка секирип.

Арыш таштап ууга чылап найзасын,
Арам жандар көздөп өздүк пайдасын.
Акча эмес, түз жол менен эл деген,
Азаматтар, жолбашчылар кайдасың?



**КЫЛЫЧБЕК кызы Ибарат.** 1985-жылы 9-августта Бишкек шаарында туулган. 2001-жылы мектепти алтын медаль менен бүтүргөн. 2006-жылы Кыргыз Улуттук университетинин Эл аралык байланыштар факультетин ийгиликтүү аяктаган. 2007-жылдан тартып Тышкы иштер министирлигинде иштейт. Кыргыз Дипломатиялык академиясынын аспиранты. Англис, италиян тилдеринде эркин сүйлөйт. Мээримдүү эне, сүйүктүү жар. Бишкек шаарында жашайт.

## ЫСЫК-КӨЛҮМ

Ысык-Көлүм, кундуз сымал кубулган,
Көөлгүгөн анык сымап куйулган.
Кылаасынан көк ирими жалтылдап,
Бүткөн өңдүү бир тамчы суу сыйкырдан.

Ысык-Көлүм, көк асмандай керемет,
Суктандырган бул нерсеге не жетет.
Эртели кеч көлдүн жээгин бойлосоң,
Мындан бөлөк адамзатка не керек.

Жылдар өтүп көлүм турат баягы,
Куйган өңдүү аябастан сыны.



Толкун менен кубалашып-жарышып,
Бирге өттү бала кездин убагы.

Шок баладай дале чунак кыялы,
Издеп келдим канат каккан уямды.
Сагындыңбы, ойлодуңбу сен мени,
Сыр бербейсиң, чоочун бирөө сыңары.

Эсиңдеби, сырымды айткан күндөрүм,
Жылаңайлак көлдү бойлоп жүргөнүм.
Толкунуңа ак бешиктей терметкен,
Ал күндөрдү дале эстеп жүрөмүн.

Түшүнөөрүм, кубантаарым бир өзүң,
Тынымы жок сен деп согот жүрөгүм.
Пейили кенен, жанга дабаа өзүңдөй,
Адамзаттан курдаш таппай жүдөдүм.

Жарым ырыс, жакшы тилек ой менен,
Жакыным деп, бир да жанды какпагам.
А бирок да, тунугуңдай тунуктун,
Арасынын Ахилея таппагам.

Ошондуктан, жаша көлүм түбөлүк,
Жыргалчылык, кубанаарлык күн көрүп.
Өтсө дагы жүз жыл, миң жыл арадан,
Түгөнбөгүн, тура бергин көйкөлүп!

## ЭНЕ ТИЛИМ

Эне тилди кадырлайлы, барктайлы,
Эне тилге сыйыналы, жактайлы.
Он беш тилде сайрап турсак биз дагы,
Бардыгы бир эне тил деп сактайлы.

Мен туулуп там-туң басып калганда,
Дал ошол тил болду мага араба.
Турмуш жолум кичинемден башталып,
Бир мүнөт жок, ансыз өткөн ааламда.

Тилим менен өз элиме чеп курам,
Өзгөлөргө өсөөр тил деп мактанам.
Сүйлөп койсом бөтөн тилде эгерде,
Эне тилим таарынба деп актанам.

Эне тилде чимирилтип ой казам,
Эбин табам, эл катары ыр жазам.
Эркелеген көл үстүндө ак куудай,
Эртели кеч өз койнунда чер жазам.

Эне тилим сыр аякка батпаган,
Эне тилим элди селдей каптаган.
Дили куру жулмаласа качпаган,
Таарынбаган, сатылбаган, сатпаган.

Баскан жолуң нечен кылым карыткан,
Ар бир сөзүң жан-дүйнөмдү жылыткан.
Эресеге апакемдей жеткирген,
Сен да энем, а мен балаң сыйлаган.

Тили бууру бурмаласа сатпаган,
Өжөрсүң ээ, айтканыңдан кайтпаган.





**МАВЛЯНОВА Гүлжакан.** 1960-жылы 12-апрелде Жалал-Абад областындагы Ноокен районуна караштуу Момбеков айылында төрөлгөн. 1977-жылы Ж. Турусбеков атындагы орто мектепти бүтүргөн. Кесиби бухгалтер, учурда жеке ишкердик менен алектенет. 2013-жылы «Жаңылуу» аттуу ырлар жана аңгемелер жыйнагы жарык көргөн. 2014-жылы «Кыздар ай-4» адабий топуна жаңы ырлары кошулган. Бир уул, эки кыздын мээримдүү энеси. Бишкек шаарында жашайт.

## АТАМА

Турмуш оор…Бир атага көл караган,
Бүлөң көп, баары майда он эки жан.
Аркалап ата деген ыйык милдет,
Анда сен жалгыз элең бизди баккан.
Анчалык өз баркыңа жете бербей,
Аз өмүр, жаштыгыңды бизге арнаган.

Аязды аяз билбей бет каарыган,
Аттанып кетер элең таң азандан.
Алыспы же жакынбы барар жериң,
Анда мен секелек кыз билем кайдан.

Атакем азыр эле кайтса экен деп,
Ал кезде сагынчумун кетип айлам.

Ак бубак сакал, мурут музга оронгон,
Атакем кайтар эле түн бир убак.
Саамайдан апкелчи деп эркелетип,
Алдына олтургузуп чачым сылайт.
Бир күлүп, бирде ыйлап таарынчу элем,
Сакалы сайгыласа кытыгылап.

Туш болуп тагдырыңа каар заман,
Турмуштун оордугу жанга баткан.
Туурулган алаканың соо жери жок,
Турчу эле үн чыгарып шуудураган.
Канчалык кара жаның карыштаба,
Калчубуз кээде чайнап сагара нан.

Балапан эрке мүнөз балалыгым,
Баш ийген мыйзамына табигаттын.
Кыз бала жат бирөөнүн бүлөсү экен,
Атама жакын туруп алыстамын.
Андагы адамда жок ата мээрин,
Айла жок азыр дале сагынамын.

Турмуштун бар-жогуна бирдей карап,
Тарткансың сен биз үчүн канча азап.
Атаке, анда көргөн ар бир күнүң,
Биз үчүн жашообузда болор сабак.
Туу тутаар өмүрлөргө чүрпөлөрүң,
Өзүңдөн өнүп өскөн мөмөлүү бак!.



## АДАМ ДЕГЕН!

Жараткан жакшылыгын берип кенен,
Жаратса улуу муун адам деген.
Жаңылып жалган дүйнө сыноосунан,
Жарабай калганы көп пейли менен.
Жан кыйып байлык үчүн, бийлик үчүн,
Жаралып айбан болуп чыга келген.

Жараткан жаратса да баарын тегиз,
Жашоодо адам баркы өөдө-төмөн.
Жаш өлүп жаназага келсе дагы,
Жагынган кошоматчы элди бөлгөн.
Жашы улуу аксакалы сыртта калып,
Жаштары кызматтагы төргө өткөн.

Жараткан сыноо үчүн пенделерин,
Жаратып эки бөлөк жолду берген.
Жамандык арамдыкта коштоп жүрсө,
Жакшылык бешене тер, адал эмгек.
Жаңылбай арамдыктан алыс болуп,
Жашайлы адам деген наам менен!.



**МАМАДАЛИЕВ Акылбек.** 1980-жылы 19-майда Жалал-Абад облусунун Сузак районуна караштуу Кара-Дарыя айылында туулган. 1997-жылы Бишкектеги Улуттук Компьютердик гимназиясын бүтүргөн. 2002-жылы КМУнун журналистика факультетин аяктаган. КР Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү. Тургунбай Эргешов атындагы республикалык адабий сыйлыктын лауреаты. 2011-жыл жыйынтыгында Москвадагы «Мигрант KG» гезитинин окурмандары тарабынан тастыкталган «Жылдын мыкты журналисти» номинациясынын ээси, 2012-жыл жыйынтыгында Москвадагы «Нур» гезитинин окурмандары тарабынан тастыкталган «Жылдын мыкты адамы» номинациясынын ээси, 2013-жыл жыйынтыгында КР Улуттук Жазуучулар союзу уюштурган «Жылдын мыкты акыны» жана «Алтын Калем» сыйлыгынын лауреаты, Москва жана Санкт-Петербург шаарлары боюнча ачылган адабий өкулчүлүктүн жетекчиси. «Кусалык», «Махабат», «Аманат», «Таазим» ыр жыйнактарынын автору. Үй-бүлөлүү. Бир кыз, бир уулдун атасы. Учурда Москва шаарында эмгектенүүдө.



## МЕКЕНГЕ АДАЛ КЫЗМАТ ӨТӨШ КЕРЕК!

Мекеним Кыргызстан, муну танбайм,
Мээмден өчүрө албайм, унута албайм.
Өзгөлөр сөз тийгизсе, мекениме,
Өзөккө өрт тутанып, мунду жандайм.

Мен бүгүн, карап турсам айланамды,
Мекеним кедейге бай, байга жарды.
Мекендин топурагын алтын дешкен,
Мекенчил мекендештер кайда калды?

Жүрөктө жалын барда өчпөш керек,
Жүгүнүп өзгө элдерге чөкпөш керек.
Мергендей максат үчүн сая түшүп,
Мекенге адал кызмат өтөш керек.

Андыктан, кел, мекендеш ойлонолу,
Ар убак «Мекеним» деп толгонолу.
Жараткан жеткирсе экен ниетибизге,
Жашоого келген жокпуз ойногону.

Мекеним Кыргызстан, муну танбайм,
Мээмден өчүрө албайм, унута албайм.
Өзгөлөр сөз тийгизсе, Мекениме,
Өзөккө өрт тутанып, мунду жандайм.

## КЫРГЫЗ ТИЛИ – КЫРГЫЗ ҮЧҮН КЫМБАТ ТИЛ!

Кылым кезген кыргыз эли барында,
Кыйыр кечкен кыргыз тили табылга.
Ал андыктан урпактарга уланып,
Агып келет бабалардын канында.

Мен кыргызмын, кубанамын бул үчүн,
Милдетимдей сезем, элди сүйүшүм.
Кыргыз тилде ырлар жазып жүргөнүм,
Кыргыз тилге кошкон менин үлүшүм.

Деген ойдо күндөй жаркып маңдайым,
Терең ойго чөмүлөм оф, ар дайым.
Кызыл тилде сайрагандан талбаймын,
Кыргыз тили шекердейим, балдайым.

Анығында кыргыз тили кымбат тил,
Айырмалап ушул жагын кылдат бил!
Кыргыз эли кезип кетсе дүйнөнү,
Кыргыз тили калбаса экен кыйрап бир!

Эй замандаш! Мага, сага жана ага,
Эне тилде сүйлөө бакыт, жана да
Кырдаал келсе, тилим үчүн жан берчү,
Кыргыз тилге жаным болсун садага.

Кылым кезген кыргыз эли барында,
Кыйыр кечкен кыргыз тили табылга.
Ал аңдыктан урпактарга уланып,
Агып келет бабалардын канында!





**МАМАСАДЫКОВА Айжан.** 1969-жылы 25-мартта Сузак районуна караштуу Кызыл-Сеңгир айылында туулган. 1989-жылы Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайын артыкчылык дипломy менен бүтүрүп, 1994-жылы ОшМУнун славян-герман филология факультетинин орус тили жана адабияты адистигин аяктаган. Орус жана түрк тилдеринде эркин сүйлөйт. «Кыргыз Республикасынын Эл Агартуу отличниги». КР УИАнын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун изденүүчүсү, «Апама кат», «Аруу Дүйнө-2» аттуу аңгемелер жана ырлар жыйнактарынын автору , «Москва кайрыктары -1» китебинин редактору (2011-ж), Маскөө шаарында түзүлгөн «Москва кайрыктары» поэзия клубунун жетекчиси. Учурда «Аруу дүйнө» адабий клубун да жетектеп келет. Кыргыз Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү. Бир уул, бир кыздын энеси. Москва шаарында жашайт.

## АТА ЖУРТУМ АМАН БОЛ!

Аманчылык, барчылык бардыгыңа,
Алтын, күмүш, зер толсун сандыгыңа.
Ишеничтүү жашайлы өлкөбүздө,
Ийгиликтер коштолуп ар жылына.

Аман бол деп, бар бол деп тилек кылып,
Ынтымакка келели билек түрүп.
Жаратканым жайнаган жылдыздардай,
Кыргызымды журтуна бириктирип.

Ырк бузганды катардан алып ташта,
Ач бөрүгө таланып калып ачка.
Бөлүп жарып бүтүндү бүлүндүрүп,
Кыргыз деген жүрөгү сокпой жатса.

Төрт тарабы кыбыла кете берсин,
Токто элим, аларга жетеленбей,
Көркөмүнө көз талып суктандырган,
Бир да элдин жери жок биздин жердей.

Жери бейиш төрүндөй көркөм сулуу,
Эли сыпаа сыйлаган кичүү-улуу.
Ата Журтум сен үчүн жаны курман,
Ар бир кызы кыргыздын, ар бир уулу.

## ААЛАМГА ЖОЛ АЛЫП БАРЧУ УЛУУ ТИЛ!

Өңүң дагы, тилиң дагы кыргызсың!
Өзүң дагы, дилиң дагы кыргызсың!
Өлүү тилге айландырбай алып кал,
Өзүң үчүн жан күйгүзсөң кыргызым.

Өткөөл мезгил өгөйлөгөн кез келди,
Өз тилиңди унуткарбай сактай бил.
Алмустактан ата-бабаң калтырган,
Ал мурасын бабалардын барктай бил!

Кыргыз тили кылымдарды карытты,
Кыйырына алып улуу тарыхты.



Кыргындарда калса дагы кыйла жыл,
Көчмөндөргө кое албайбыз айыпты.

Көчүп-конуп, жер которуп жүрсө да,
Сөзү оздон, комуз колдон түшүрбөй.
Ыр, жомогу алдей айткан апанын,
Эне тили жанга синди бүтүндөй.

Эне тилим атам-энем сүйлөгөн,
Эс-акылым тарткан кезден үйрөнгөн.
Эчендеген дастандарды угузган,
Эч убакта танбасмын мен сүйгөндөн.

Өз тилимди даңазалайм, даңктаймын,
Өзөктү өрттөп өз журтумду сатпаймын.
Урпактардан урпактарга калсын деп,
Улуу тилди ууз сүттөй сактаймын.

Эне тилим – кыргыз тилим, канымсың,
Кан дүргүткөн жүрөктөгү жанымсың.
Ааламга жол алып барчу улуу тил,
Көктө күнүм, асмандагы айымсың.



**МАМАТЖАНОВ Мелис.** 1992-жылы 11-январда Ош облусуна караштуу Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айылында төрөлгөн. ОМПИ да сырттан окуйт. Бир нече кароо-сынактардын жеңүүчүсү. Учурда Москва шаарында жашайт.

## АПАКЕМДИН АЛМАСЫ

«Амансыңбы, айланайын кичинем,
Алаксытып койбодумбу ишиңен.
Эмне берип жиберейин?» дегенде-
Мээримиңиз керек деймин ичимен.

Күйөлөктөп кыйшык байлап жоолугун,
Күндө эстеп жатса керек жооругум.
Дүйнөдөгү таттуулардын ичинен,
Наныңыздын даамын таппай оорудум.

Салганыңыз келди жарып булутту,
Сезимиме чачылгандай тунук суу.
Өмүрүмдү узартчуудай сезилди,
Өрүк кагы, таза балы, куруту.

Сагынычтан көтөрүлүп кан басым,
Суудай ууртап жуткум келди жармасын.
Апакемдин тийген үчүн колдору,
Айылымдын жуубай жедим алмасын.



Кыргыздардын тийген үчүн колдору,
Кыргыздардын жуубай жедим алмасын…

## ТИЛИМ БҮГҮН

Башка тил, көмөкөйгө төшөгөнү,
Билбесек тарыхтын да өчөр өңү.
Тилибиз кирпиктерин өлдөп турат,
Таштанды наристедей көчөдөгү.

Кыргыз деп жазылса да маңдайына,
Кыйылат орусчалап ар дайыма.
Такалып тилин билбес «киргиздерди»,
Таш менен ургум келди таңдайына.

Эй, журтум, «папалаган» балаң кандай,
Эшилип сөз тамыры араң жандай.
Томсоруп кыргыз тилим турат азыр,
Кошуна бөтөн тилге талангандай.

Чоңдоруң чылк орусча кепти эшип,
Чыкыят сөздөрүбүз эски дешип.
Жабыркайт так ошондо дүйнөм менин,
Жүлүндөн алган сымал этти кесип.

Тосмосу жешилгенсийт калкалаган,
Таштардай кептерибиз талкаланган.
Жылдыздай көктө жанбай турат тилим,
Жылкыдай таштак жерге аркандалган.

Көлчүктө ылайланып калганчакты,
Төбөдөн тамчы болуп жанган жакшы.
Билбестен эне тилди жүргөнчөктү,
Балыктай дудук болуп калган жакшы.

Мээге бүтүн намысымды батырдым,
Мылтыктагы октой болуп атылдым.
Мекен тили унутулду дегиче,
Мени жокко санасаңар макулмун.



**МАТСАК Кайнар.** 1997-жылдын 5-декабрында Ош шаарында жеке ишкердин үй бүлөсүндө төрөлгөн. Учурда «Ош Сема Кыргыз-Түрк» лицейинде 11-класста окуйт. Орус, түрк, англис тилдеринде эркин сүйлөт. Ош шаарында жашайт.

## АТАЛАРГА

Суроо берем, оңой суроо, жалпыңарга,
Айрыкча ыр жараткан акындарга.
Эмне үчүн, ырлар сансыз эне үчүн?
Ыр жазышпайт арнап көбү, аталарга..

Ата деле биз үчүн эртеден кеч,
Иштеп келет баласы үчүн жерди күрөп.
Ким болбосун өтүкчүбү, арабакеч,
«Балам жейт» деп, өзү кечке ачка жүрөт..

Намысыңды эл алдында тепселетпей,
Өзү иштейт сени иштетип темселетпей,
Эртели-кеч, шашылып нан тапканга,
Чарчап келип, дагы сени эркелетмей..

Ата деген сен ыңаалап ыйлаганда,
Упчу салып сени таптап турган ата.
Ата деген сен каткырып жыргаганда,
Алкыш берип, сени колдоп турган ата.



Ата деген сен баш бербей кутурганда,
Айла жоктон адам бол деп урган ата.
Ата деген сен жашоодо кыйналганда,
Өз ичинен сыздап-сыздап буулган ата.

Ата деген, курсагың тың болсун деп,
Жер жашооңо үрөнүн сепкен ата.
Ата деген, тартипсиздик кылганыңда,
Сен ордуңа, азабын чеккен ата.

Ата деген, жашоого көнүп калганыңда.
Улап кет деп, сени таштап кеткен ата…
Эмне үчүн айткылачы, эй акындар,
Неге мактап атаны жазбайсыңар?

Ата дагы мактоого татыктуу жан!
Кылган ишин неге эске албайсыңар?

## КЫРГЫЗ ТИЛИМ

Эй кыргызым, кыргыз элим, садагам,
Кыргыз тилин байыртадан барктаган,
Азыр эмне тепсеп салдык тилимди,
Карап туруп өз ичимден даттанам,

Калбадыбы бир да пенде барктаган,
Азбы бизде кыргыз тилин жактаган,
Жактачу го аталарым ар заман,
Азыр көрүп өз ичимен арданам..

Кыргыз элим, бир өзүңө кайрылам,
Сен чачылдың, мен да экиге айрылам,
Башка тилди аралаштырбай сүйлөчү,
Кыргыз тилдин кабар алып дайынан,

Башка жээкке, каалгып агып кетпестен,
Жат тил менен дилин багып нетпестен,
Жүрчү кыргыз, айбан бизден артыкпы?
Уй да мөөрөйт, үрүп-кабып кетпестен..



**МЕНДЕБАЙ Толукбек.** 1966-жылы Токтогул районунун Толук айылында төрөлгөн. 1990-жылы КМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика бөлүмүн бүтүргөн. 1991-1992 жылдары Кыргызтелефильмде режиссёрдун жардамчысы жана КТРде редактор болуп эмгектенген. 1993-жылы Түркиянын ТГРТ телеканалына тиешелүү «Ихлас фильм продакшн» студиясында иштеген. Андан кийин дагы узак жылдар боюу Истамбул шаарында жашап, логистика багытында эмгектенип келген. Учурда Москва шаарында иштейт.

## ЭГЕМЕН МЕНИН МЕКЕНИМ

Биле албай баасын баркыңдын,
Эчен жыл четте чарпылдым.
Кымбатын билбей жүрөмүн,
Колумда турган алтындын.

Куш деле кайтат туууруна,
Кайрылып бир күн табам жол.
Кагылып сенден кетейин,
Каралдым өлкөм аман бол.



Жүрөбүз сени сүйө албай,
Жүрөктөн чындап күйө албай.
Канча калк жүрөт томсоруп,
Эгемен эмне биле албай.

Акылдуу урпак көп болсун,
Асманга сени теңеген.
Айланып сенден кетейин,
Ала тоом менин эгемен.

Мээси бар урпак көп болсун,
Меккеге сени теңеген.
Мээнетиң алып кетейин,
Мекеним менин эгемен!.

## КОШ БОЛ ЭМИ!

Кош бол эми көрүшкөнчө, алсыз, жарды Мекеним,
Сени таштап көпкө дейре, алыс сапар кеземин.
Тилеп сенин тынчтыгыңды, тилеп сага эсендик,
Убайымдуу бул күндөрдө, урматыңы сеземин.

Кеттим алыс, кейиш толгон, жүрөк менен кыялбай,
Жатканыңда жаш баладай, там туң басып туралбай.
Маанай чөгүп, ыңдын өчүп, акыл эсиң жыялбай,
Турганыңда кайрат эркти тилейм сага, сүйүп туруп Кудайдай!.

Сага караан боло албадым, бу капалуу күнүңдө,
Ийинимди тосо албадым, бирок менден түңүлбө.
Биз кайтаарбыз жеңиш менен күндөрдүн бир күнүндө,
Ал анткени өзүң барсың, жүрөктөрдө, сүйүүмдө.

Касиетин Ата журттун, уул эмесмин, сезбеген,
Алыс жерде өзүңдү эстеп, сагынамын эскерем.
Бирок ушул кыйын күндө, сага берээр, жөнөтөөр,
Сүйүүм менен ырдан башка, эчтемем жок, эчтемем!.



**НАСЫРОВА Самара.** 1977-жылы 28-июнда Ош областынын Кара-Суу районунун Тельман айылында төрөлгөн. ОшМУнун биология факультетин бүтүргөн. «Көктөм», «Эки асыл», «Тагдырдан тамган тамчылар» китептеринин автору жана «Москва кайрыктары», «Аруу дүйнө – 2», «Кыздар ай – 3» ыр жыйнактарына ырлары чыккан. Москвадагы «Аруу Дүйнө» гезитинин өз кабарчысы, «Асман плюс» гезитинин сырт кабарчысы. Кыргыз Республикасынын Жазуучулар союзунун, «Аруужан» коомдук фондунун мүчөсү. Үй бүлөлүү, эки кыз, бир уулдун мээримдүү энеси. Учурда Москва шаарында эмгектенет.

## КАБЫРГАМ КАЙЫШУУДА

Көп нерсеге кабыргам кайышуууда,
Көтөр албай көңүлүм майышууда.
Көр тирилик айынан тентип жүрүп,
Көөдөн оорул жүрөгүм сайышууда.
Көр пенделик азабы тайышууда…

Кайдигерлик капасы каптап жатат,
Кошоматчы чоңдорду мактап жатат.
Калк кадырын ойлобой кээ бир жандар,



Кай өлкөдө байлыгын сактап жатат,
Касиетти тебелеп дактап жатат?!

Кыз келиндер Кытайга сатылууда,
Кыйын чыккан эрендер атылууда.
Кыргыз деген атыбыз болсо дагы,
«Кимсиң?» -дебей башка улут катылууда…
Катылууга коңшулар батынууда…

Кайырчыбыз көчөдө мөгдөп турат,
Капаланып көз жашы көлдөп турат.
Карай албай он бала таштап кеткен,
Карылардын көңүлү чөлдөп турат.
«Кайтаар бекем үйгө» – деп дегдеп турат…

Аксакалдар аракка ууланууда,
Арамзалар ан сайын кууланууда.
Адашпайлы ак жолдон деген менен,
Адамзаттын дүйнөсү чууланууда…
Аттиң, аттиң бул заман булганууда…

Байлар байып күн сайын ашып барат,
Башка өлкөгө банк ачып катып барат.
Бай эместер башкадан бакыт издеп,
Баш паанага чет элге качып барат.
Байып мына кетчүдөй шашып барат.

Жардыларга иш берип кулдап жатат,
Жанын баккан жумуш таап пулдап жатат.
Жандай көргөн курбудан жаңылышып,
Жан дүйнөлөр жабыркап сыздап жатат…
Жан сыздаткан бир оору кыйнап жатат….

Көп нерсеге кабыргам кайышууда,
Көтөрө албай көңүлүм майышууда.

Көр тирилик айынан тентип жүрүп,
Көөдөн оорup жүрөгүм сайышууда.
Көр пенделик азабы тайышууда…

## КӨЧМӨНДӨР!

Кыргызым деп, кыргыз үчүн күйүнгөн,
Кылым кезген тили үчүн бүлүнгөн.
Кыйын күндө улут даңкын көтөрүп,
Кыз уулдарың кызмат кылып жүгүргөн.

Байыртадан аты аталган «Көчмөндөр»,
Боз үй тигип, конуш жайлап көчкөндөр.
Аргымагын алчылантып, айгайлап,
Кыргыз бойдон бул өмүрдөн өткөндөр.

Улут үчүн, күйүп бышкан жашынан,
Уулдарың бар, жолборс мүнөз кабылан.
«Кыргыз көчүн» негиздеген түптөгөн,
Көчмөндөрдүн нагыз уулу Асыран!

Куттуу болсун эки жашка толгон күн,
Кыргыз калкым «Көчмөн» атка конгон күн.
Эне тилди өнүктүрүп элибиз,
Эң башкысы, нагыз Кыргыз болгон күн!





**ОМОКЕЕВ Улукбек.** 1988-жылы Ош областындагы Кара-Кулжа районуна караштуу Чалма айылында туулган. 2011-жылы Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы факультетин аяктаган. Учурда ОшМУда студенттик «Нур» газетасынын редактору, «Билим» лицейинде мугалим болуп эмгектенет. Ош шаарында жашайт.

## АТА ЖУРТ

Булганбас мөлтүр кашка булак суусун,
Занкайган тоолоруңдай кубаттуусуң.
Аярлап кармап турган колумдагы,
Ата журт айнек идиш сыяктуусуң.

Шаттуусуң өзөнүңдөй көбүк чачкан,
Бакытсың кыргагынан толуп-ташкан.
Улуңмун, Ата Журтум койнуңдагы,
Манастай өзүн баатыр сезип жаткан.

Ата Журт, согуп турган жүрөгүмсүң,
Ата Журт, үзүлбөгөн күдөрүмсүң.
Алыска сапар тартып кеткенимде,
Апамдай сагынарым, күтөрүмсүң.

Балдарың сыймыктанып турмак үчүн,
Бекем бол түбөлүккө ырдаш үчүн.
Керемет обон болуп жашай бергин,
Керексиң келе жаткан урпак үчүн.

## ТООЛОРДОН АЛГАН ОКШОЙТ

Топукту, бийиктикти башат кылып,
Тоолорум тазалыкты жатат сунуп.
Кедей бир өлкө болсок ким ишенет,
Керемет жайлуу төрдө жашап туруп.

Мемиреп жакыныраак тийип күнү,
Мекенди буюрганбы сүйүп жүрүү.
Өрнөгү чоң атанын тоолор менен,
Өлчөнөт окшобойбу бийиктиги.

Агылып түнкү айдын таза нуру,
Ак болуп айтар сөзү, жазар ыры.
Булакта, мөңгү сууда болгон окшойт
Булганбас акылмандын тазалыгы.

Бар эле дешет жашта ызат мурун,
Бабалар айткан ойдун улап нугун.
Сөөлөттүү арчалардан алган окшойт,
Сөздөрдүн өмүрүнүн узактыгын.

Өткөндүн өрнөк кебин укпай жүрүп,
Өмүрлөр сызат тынбай куштай күлүк.
Биз болсо баратабыз майдаланып,
Бийиикке, тоо бооруна чыкпай жүрүп,.

Акыл-ой киргилденип кетти окшойт,
Ак мөңгү, булак суусун жутпай жүрүп.





**САДЫКОВА Аида.** 1984-жылы 25-майда Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районуна караштуу «Теплоключенко» айылында туулган. Кесиби боюнча модельер-конструктор, тигүүчү, визажист. «Кыздар ай-3» аттуу ырлар жыйнагына айрым ырлары кирген. Учурда Бишкек шаарында жашайт.

## СОҢУ

Сатуунун соңу келет алган менен,
Өкүнүч соңу болот арман деген.
Акыры бир каздерде келет тура,
Ишеним соңу көрсө жалган менен.

Текебер соңу келет жардылыкта,
Күмөндүн соңу болот аруулукта.
Кеч күздө жалбырактар саргайгансып,
Жаштыктын соңу келет карылыкта.

Таарыныч соңу болот ыза деген,
Өлүмүн аталышы каза деген.
Калыстык каза болуп калбасын деп,
Кылмыштын соңу келет жаза менен.

Ушактын соңу келет угулганда,
Түз жолдун соңу деген бурулганда.
Тажатма адат болуп калбашы үчүн,
Көнүмүш соңу келет кубулганда.

Ден-соолук соңу – катуу ооруганда,
Гүлдөөнүн соңу болот соолуганда.
Бүдөмүк, сыр табышмак болбошу үчүн,
Аяндын соңу- туура жоруганда.

Уяттын соңу болот бетсиздикте,
Эркиндик соңу келет эрксиздикте.
Адамзат жер үстүндө аман болсо,
Үмүттүн соңу балким чексиздикте.

## ЖАЗГЫ МААНАЙ

Неге жаз кубанычка мынчалык бай,
Жамгыры, аалам-жердин жыргалындай.
Жаңыртып айланага сырдуу добуш,
Жаады го музыканын ыргагындай.

Бул жаанды жаратылыш күтүп турат,
Бул жаздан канча адамдар үмүт кылат.
Күн дагы салтанаттуу чыгыш үчүн,
Булуттун ар жагында күлүп турат.





**САЙПИДИН уулу Сатывалды.** 1976-жылдын 2-январында Кадамжай районунун Кызыл-Булак айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Молдо Нияз гимназия мектебин 1991-жылы бүтүрөөр замат Кадамжай кыргыз лицейин атайын математика жана физика багыты боюнча окуп, аны 1993-жылы аяктаган. Андан соң Ош технологиялык университетинин маалымат технологиялар фпкультетинин «Эсептөө техникасын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо» адистигин 1998-жылы бүтүргөн. Кесиби боюнча инженер-программист. ОшТУнун Кызыл-Кыядагы технология, экономика жана укук иниститунун «Жогорку математика жана информатика» кафедрасында окутуучу болуп эмгектенип келген. 2004-жылдын декабрь айынан бери Москва шаарында жашап, үзүрлүү эмгектенип жүрөт. Үй-бүлөлүү, эки кыз бир уулдун бактылуу атасы.

## КЫРГЫЗ, КИМ АЛ?

Кыргыз – жоокер ат үстүндө ойногон,
Кызы баатыр, кабыландай жойлогон,
Кыргыз, ким ал?
Шамдагай жан, ата салтын барктаган,
Ак калпагын жоготпогон, сактаган.

Кыргыз, ким ал?
Тоонун эркин бүркүтү, шаңшып учкан,
Ажыдаар ал, душманын чайнап жуткан,
Кыргыз, ким ал?
Шамал менен тең жарышкан улуу эл,
Каары келсе токтото албас аккан сел.

Кыргыз, ким ал?
Түркүгүдүр он сегиз миң ааламдын,
Пендесидир сүйгөн Кудай Тааламдын,
Кыргыз, ким ал?
Кыргыз – менмин, сенсиң жана ал,
Мына ушуну досум эсте сактап кал!.

## КУТ БОЛСУН ЭЛИМ МАЙРАМЫҢ!

Жыйырма жыл тарыхы бар кызыл желек,
Бабалардан тартуу болгон кымбат белек.
Жек көрүшүп, алмаштырам деген жандар,
Кыргыз үчүн анык душман болсо керек.

Желбиресе кызыл чоктой кыргыз желеги,
Сыймыктанам, сыйлаймын мен себеби.
Кандын түсү, болбойт бизге дегендер,
Биз мыктыбыз, Пайгамбарбыз дешеби?

Желекти кой, ондо элдин турмушун,
Колдон келсе таап бергин жумушун.
Уул-кызың тентип жүрсө чет жерде,
Жарашпайт ко, сенин минтип турушуң.

Куттуу болсун калкым бүгүн майрамың,
Кубандырсын көргөн жанды сайраның.
Кудай берген бейиш төрдөй жергемде,
Кыргыз элим, өскүн, өнгүн, жайнагын!





**САМАТОВ Мырзабек.** 1987-жылы алыскы Баткен облусына караштуу Лейлек районундагы Даркум айылында төрөлгөн. Учурда Москва шаарында курулуш жаатында «евро» жасалгасы менен алектенип, аталган шаарда жашап келет.

## МЕН КЫРГЫЗМЫН!

Миң жылдарды басып өткөн жарыкта,
Мен кыргызмын тамыры бар тарыхта.
Менин элим деп көкүрөк койгулап,
Мактанбастан бергим келет калыс баа.

Эр Манастын урпагымын эзелки,
Эрме чөлдүн кыйноосуна тең эрки.
Атам кыргыз, бабам кыргыз, мен дагы,
Атасымын кыргыз уулдун келээрки.

Алдей айтып арча бешик термеген,
Ак мөңгүлүү Ала-Тоону жердеген.
Айкөл мүнөз мен кыргыздын уулумун,
Ажал келсе ар-намысын бербеген.

Жандуу күүлөп колго кармап комузун,
Желпип ырдап күндүн жети, тогузун.
Кылымдарга өчпөс кылып калтырган,
Арт тарыхта кыргыз баскан жол узун.

Казыгына күлүк атын байлаган,
конок келсе күйүп бышып жайлаган.
Куттуу үйдөн чыгарбаган куру кол,
касиеттүү кыргызымдан айланам.

Кыйналганга чайын берип кайнаган,
Катылганга кылыч мизин кайраган.
Кудай эгер өмүр берсе дагы бир,
Кыргыз болуп жаралмакмын кайрадан.





**САРБАГЫШОВА Чынара.** 1969-жылы 2-ноябрда Токтогул шаарында жарык дүйнөгө келген. Токтогул районунун 1986-жылы Кызыл-Өзгөрүш айлынан орто мектепти бүтүргөн. Фейсбук тармагында түзүлгөн «Кыргыз көчү» мекенчилдер фондунун мүчөсү. «Кыздар ай» ыр жыйнагынын 3-4 китептерине ырлары жарык көргөн. 2013-жылы Кыргыз Республикасынын Маданият, Маалымат жана Туризм министирлигинин Ардак Грамотасы, «Айтыш» коомдук фондунун Ардак Грамотасы, «Кыргыз тили» коомунун Ардак Грамотасы менен сыйланган. Мекенчилдердин «Кыргыз көчү» коомдук фондунун 2 жылдык маарекесинде атайын «Алкыш» баракчасы менен сыйланган. Азыркы учурда Бишкек шаарында жашап, бир жеке фирмада эмгектенет. Бир уулдун сүйүктүү энеси.

## КЫРГЫЗЫМ

Кыргызым менин кыйырдан келген кымбатым,
Кырчылдап жоодо, кырылса дагы сынбасым.
Кадырың азыр кай жакка кетип баратат,
Карайлап калбай, канатың серме тур бачым!

Кыргызым элим, жүрөгүн алган нечендин,
Тукумуң сенин бүт баатыр болгон кечээ күн.
Көкөлөп көккө, канатың жайып уча албай,
Кейпин да азыр кийбегин калкым бечелдин!

Кыргызым журтум, унутпа наркын жетендин,
Урпагы сенсиң кыйындар менен чечендин.
Үшкүрүк жарып, унутка таштап өзүңдү,
Улуу бир калкым кийбегин кейпин кеселдин!

Кыргызым менин болоттон дагы бекемсиң,
Сыналган күчүң бир күндө эмес, нечен күн.
Кылымга дагы баш ийбей келген эркинди,
Айткыла азыр «сындыра» алат экен ким!

## КЫРГЫЗМЫН!

Мен кыргызмын, сыймыктанчуу улутмун,
Пейлим таза, мөлтүр кашка-тунукмун.
Азыр бирок көңүл сыздап турамын,
Нарк-насилди, салт-санааны унуттум!

Мен кыргызмын, башты бийик көтөрөм,
Аздектеймин мекенимди бөлөлөйм.
Каз-каз туруп, араң шилтейт кадамды,
Айлам кетип, ырым менен жетелейм!

Мен кыргызмын, бийик намыс сактаган,
Душман келсе, үйдө быкшып жатпаган.
Сырт душмандан, ич душмандар көбөйүп,
Арга жоктон, кээ убакта сактанам!

Мен кыргызмын, чектен аша берешен,
Кыялымда жылдыз менен теңешем.
Эл-жеримди мактап, даңктап ар дайым,
Тынчылыкта жүрөлүчү биз эсен!





**САРЫБАЕВ Бекболот.** 1995-жылы 22-майда Жалал-Абад облусуна караштуу Сузак районундагы Жерге-Тал айылында туулган. 2011-жылы Жерге-Талдагы Мария Орозалиева атындагы орто мектепти бүтүргөн. Учурда Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде Туркология жаатында билим алат. Кыргыз радиосу уюштурган «Таланттар таймашы» ыр сынагында 3-орунду жеңип алган. Бишкек шаарында жашайт.

## ОЙЛОР

Ороп алып тулку бойду ой-санаам,
Ойлор менен тээ космоско жол салам.
Ойрондолгон кир дүйнөнү унутуп,
Ойдон гана издегенди мол табам.

Көкүрөктүн түпкүрүнөн жаралып,
Көркөм ырды тапкан ойлор – ал анык.
Оомал-төкмөл бул дүйнөдөн алыстап,
Ойлор менен арууланам тазарып.

Ойлор-ойлор, каалаганга жеткирген,
Ойлор-ойлор, далай азап чектирген.

Ой максаты айкын болуп турса да,
Ойлорумдай чындык күтпөйм эч кимден!

Оюң жаман болсо ошол нак кайгы,
Оюн ойлор орго салып жатбайбы?!
Эртеңкиге үмүт калбай жатса да,
Эй бурадар, ойду таза сактайлы!

## ЭНЕ ТИЛ

Эне тилдин ар бир сөзү сүйлөмү,
Эч табылгыс бак-таалайдын ирмеми.
Эне тилде эркелетип апакем,
Эне тилде таанып билгем дүйнөнү.

Эне тилсиз кантип болсун жашамак,
Эне тилсиз жүрөк кантип жашарат?
Эне тилде кудайыма сыйынып,
Эне тилде арнайм кызга махабат.

Эне тилим дастанымдай бүтпөгөн,
Эне тилди уксам толкуп күчтөнөм.
Удургуган сезимдерди жамынып,
Уктасам да эне тилде түш көрөм.

Энчи болуп бизге калган эскиден,
Эне тилим – байлык, кенчим деп билем.
Өлсөм дагы көргө кирген кезимде,
Өз тилимде сурак берсем деп жүрөм!





**САТИЕВА Майя.** 1977-жылдын 4-сентябрында Ош областына караштуу Өзгөн районунун Кызыл-Сеңир айылында жарык дүйнөгө келген. Үй-бүлөдө беш бир тууганды төртүнчүсү. Эки кыз бир уулдун бактылуу энеси. Учурда Орусиянын Санкт-Петербург шаарында жашайт.

## КАРЕК ЖУУГАН КАЙЫРЧЫ

Тааныш көчө күндө өтөм ал жолдон,
Өткөн сайын көчө толо эл болгон.
Бара жатып көзгө урунду капыстан,
Бир мунжу адам көздүрүнө жаш толгон.

Жаш дагы эмес пайгамбар жаш курагы,
Көчөдө эмес төрдө олтураар убагы.
Эки бутсуз арабада отурса,
Неге сынайт татаал тагдыр сынагы?

Ушул көчө ал байкуштун турагы,
Аны көрсөң көңүл чыдап турабы?!
Кайыр сунсам «Алла ыраазы кызым» деп,
Көздөрүнөн бермет тамчы кулады.

Өтөм күндө, күндө өтөм ал жолдон,
Өткөн сайын ал көчөдө эл болгон.
Бара жатып көзгө урунат эрксизден,
Шол абышка көздөрүнө жаш толгон.



**СООРОНБАЕВА Айсалкын.** 1970-жылы 8-мартта Ош областына караштуу Кара-Кулжа районунун 1-май айылында жарык дүйнөгө келген. 1987-жылы Т.Сатылганов атындагы орто мектебин бүтүргөн. «Теңир тоо» аттуу китептин автору жана «Москва кайрыктары-1», «Аруу дүйнө-1», «Аруу дүйнө-2», «Кыздар ай-3» ыр жыйнактарында ырлары жарык көргөн. Москвадагы «Аруу Дүйнө» гезитинин эсептөө башчысы. Үй-бүлөлүү, үч уулдун мээримдүү энеси. Учурда Москва шаарында жашайт.

## ТЕҢИР ТОО

Теңир тоо чокусуна айды илип,
Узатат узун түндү таңды сүйүп.
Сырдашып шыңгыраган жылдыздарга,
Теңир тоо турат сүрдүү бийик, бийик.

Теңир тоо желаргысы жыпар чачкан,
Түрдүү чөп, түркүн гүлдөр буркураган.
Адамдын буту жетпес жерлери бар,
Бугу оттоп, жолборс жойлоп, элик качкан.



Чокусу асман тиреп,кар жамынган,
Жайдагы аптапка да багынбаган.
Арчалуу төрлөрүндө улар сайрап,
Аюусу тоо койнунда магдыраган.

Тоо бийик,тоону сүйгөн элим бийик,
Тоодо өскөн,тоо кадырын сезе билип.
Тамырлаш кыргыз элим тоолор менен,
Тенир тоо биз жашайбыз сени сүйүп.
Теңир тоо кыргыз үчүн улуу,бийик!!!

## АМАНСЫҢБЫ АТА-ЖУРТ!

Амансыңбы аска-зоолуу Ата-Журт!
Алыс жакта кызың жүрөт сагынып,
Буудай жыттуу талааларым жаткандыр,
Толкуп желге жашыл килем жамынып.

Көп жыл болду сенден алыс кеткеним.
Антсе дагы жүрөгүмдө турасың.
Сагындым го ак чокулуу тоолорду.
Асыл жерим көздөн учкан турагым.

Коюунунда атам менен апам бар.
Алыс-жакын туугандар да өзүңдө.
Карааныңдан кагылайын Ата-журт,
Карааның бар карегимде, көзүмдө.

Кусалыктан куурап жүрөм сагынып,
Барам бир күн сааты чыгып өзүңө.
Карааныңдан кагылайын Ата-журт.
Карааның бар жүрөгүмдүн төрүндө!.



**СУЛТАНАЛИЕВА Падишахан.** 1971-жылы 1-майда Жалал-Абад областына караштуу, Аксы районунун Итагар айлында чабандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1986-1889-жылы Кербен айлындагы №-69 кесипчилик окуу жайынын механикалык бөлүгүн бүткөн. (1989–1992-жылдары Индустриалдык-педагогикалык техникумда окуган. 1992-1996- жылы Москва агро-инженердик универиситетин, жана ошол эле учурда МГУнун экономика факультетин аяктаган. Азыркы учурда Канаданын Торонто шаарында спорт машыктыргыч багытында иштеп жана билим алууда. Үй-бүлөлүү, бир уул, бир кыздын энеси. Дүйнөлүк чемпиондорду тарбиялап жатат. Торонто шаарында жашайт.

## ТИЛЕГИМ

Мекеним, жүрөк чиркин, сени гана сагынат,
Ой, кыялым сен тарапка багынат.
Көз ирмемдер жумулбастан кээ күнү,
Кулагыма кыргыз үнү жаңырат.

Элиме эмгегимди белек кылып,
Энелик бакытымды тартууласам.



Эрк берип эгемендүү калкым үчүн,
Эртерээк бир керекке жарасам.

Кыргыздын кызы берген тарбиядан,
Дүйнөнү дүңгүрөткөн инсан болсун .
Уулум да урматтасын мекенимди,
«Эр тагайын тартат” деп, туугaн болсун.

Эске алып энесинин тарбиясын,
Уучумду улаган кызым болсун.
Урмат менен ийилип ата журтка,
Ийменчиктүү кыргызга келин болсун.

Тукуму эр Манастын ушундай деп,
Кайын журттум балдарым сыйлап турсун.
Эки элдин ортосунда эркин куштай.
Дүнүйөгө туу көтөргөн АДАМ болсун!



**ТЕМИРОВА Алтынай.** Москвадагы Максим Горький атындагы дүйнөлүк Адабият институтун бүткөн. Оригиналдуу поэтикалык, драмалык пьесалардын, сценарийлердин жана котормо жыйнактардын, автору. Бир нече эл аралык жана республикалык конкурстардын башкы жеңүүчүсү. «Барпы», «Токтоболот Абдумомунов атындагы» мыкты драматургдар сыйлыгынын ээси. Бишкек шаарында жашайт.

## МАНАСЧЫЛАР

Бу жарыкты кармап чебер колуна,
Айланганда «тирүү» жандын зоруна,
Куржунуна Сөз байлаган дыйканга
Өкүмдарлар жетпей өткөн коруна...

От байланса – октой сөзү оозунда,
Сөздүн чогун жаадырганда жолуна,
Чеңгелдери уучтап ойдун алтынын,
Сапыргандай Жер шарынын жонуна.

Учу узарып экватордун куруndай,
Меридиан, Түндүк, Түштүк уюлдай,



Төбөсүндө улуу Рухтан таажысы,
Нурун төгүп, алып жүргөн куюндай.

Улуу элдин улуу чабалекейи,
Уюп турган алтын, көөхар, шекери,
Кылымдардан, кылымдарга туу болуп,
Өтүп жүргөн чоң көчөдөй береги.

Суктандыра урпагына Манастын,
Түрдүү өлкө, түрдүү элди караттың,
Хан Бакайы, акылманы бар элден,
Улуу Жазуу, улуу Тагдыр жараттың!..

Дүйнө – өзүң, өзүң – дүйнө чынында,
Сөз куржуну толуп-ташсын кылымга,
Улуу Рухту алоолонтсун урпактар,
Кыргыз барган жолдор менен кыйырга!..

## КЫРГЫЗДЫН УЛУУ – ТИЛИ ДА!

Эне тил сенин тамырың,
Алп чынар терек сыңары.
Асман-жердин өзөгүн,
Көзөп бир өсүп турабы!..

Эне тил сенин тамырың,
Алп байтерек сыңары.
Кылымдар, доорлор өзөгүн,
Көзөп бир өсүп турабы!..

Эң ыйык чексиз байлыгым –
Муундардын жол чырагы!
Жан-дүйнө – энем көтөрүп,
Рух – атам бийик чыгарды!

Баа жеткис асыл байлыгым!
Бардыгын сенден тааныдым,
Түрк тилдүү элдер – теги бир,
Билишет сенин кадырың!

Түбүбүз дешет кыргызды!
Тилибиз теги – кыргыз бу!
Атасы дагы энеси!
Тилдердин, элдин сансыз бу!

Байыркы – кыргыз тили да,
Байыркы – кыргыз дини да,
Байыркы – кыргыз дили да,
Башаттын башы – эли да!

Теңири – ыйык Жараткан,
Касиет – куту даарыган.
Манастан баштап таанысаң,
Кыргыз тил улук баарынан!





**ТАШТЕМИРОВА Рахат.** 1986-жылы 31-мартта Кадамжай районунун Чаувай айылында туулган. БатМУнун Кызыл-Кыядагы гуманитардык педагогикалык институтунун тарых факультетин бүтүргөн. Ырлары институттун «Алтын өрөөн» аттуу гезитине жарыяланып турган. 2008-жылы «Исфайрамдын тамчысындай жүрөгүм» аттуу ырлар жана аңгемелер топтому жарык көргөн. Бир уул, бир кыздын сүйүктүү энеси. Азыркы учурда Россиянын Ханты-Мансийск автономдук округунун Белоярский шаарында жашайт.

## КЫРГЫЗ ТИЛИ

Мага жашоо, өмүр берген адамды,
Кыргыз тилде атап келем «энелеп».
Тил бар үчүн жашоо – жашоо аталып,
Тил бар үчүн Ата Мекен керемет!

Мекен менен эл жүрөгү бир согуп,
Тил тутантты алоолонгон өрт болуп.
Тил аркылуу бир киндикке туташты,
Азыркы муун, эртеңки муун, эски муун.

Жүрөк үнүн жүз чакырым угузуп,
Сезим туйлайт, сезим балкыйт, сүйүнөт..
Көкүрөктү толтурган ал сезимди,
Кыргыз тилде атаганбыз «сүйүү» деп!

Сүйүү болгун, жер бетинде күлкү бол!
Далай үйгө отун жаккын коломто.
Таштай болгун кыргыз жерге орногон,
Жерде жашоо жоголмоюн жоголбо!.

## ЭНЕ ТИЛ

Мына бул жер, күн, тоо-таш, аалам, асман,
Миң жылдар, миң кылымдар картайбады.
Малынды заман канга, жер өрт алды,
Эр өлдү, кылыч сынды, күн карарды…

Канча ирет хан алмашты, эр таймашты,
Калк тозду, илең-салаң журт котorду.
Канча ирет кыргыз туусу жерде калды,
Кыргыз тил картайбады, жоголбоду!

Ааламды түтүн каптап боз үй күйдү,
Асмандай тулпар өлдү атырылган.
Абайлап кыргыз тилин келгендиктен,
Асаба желбиреди Манас сайган!

Башынан бакыт тайып эл кырылды,
Бөрү, ит, жору журтту шимшип калды.
Бабалар жер жамынбай калса дагы,
Бал-шире даамданган тили калды!





**ТӨКӨРОВ Азамат.** 1979-жылы 18-декабрда Ош обулусунун Кара-Суу районунда туулган. 1987-1997-жылдары Кара-Суу шаарындагы Кычан Жакыпов мектеп-интернатында билим алган. Үй-бүлөлүү. Бир уулу бар. Учурда Москва шаарында «Кьютек» фирмасында өндүрүш менеджери болуп иштейт.

## ЭГЕМЕН КЫРГЫЗ

Кыйла кылым кыргыз эңсеп эркиндик,
Кыйырында кең дүйнөнүн серпилдик.
Күндөр болду кыраан бабам Бээжинге,
Кыргыз туусун сайган … кайра кетилдик.

Канчалаган империя жыгылып,
Канча улут кетти тыйпыл кырылып.
Кыргыз элим уюткусун сактады,
Түгөнөөрдө түймө болуп түйүлүп.

Карт тарыхтын кабатына көмүлүп,
Кесесинен кең дүйнөнүн төгүлүп.
Найза учунда набыт болгон заманда,
Канча эл кетти тамырынан сөгүлүп.

Тизеледик, канча жолу тепселдик..
Чачырадык, чаңга айланып кетпедик.
Кечээги эле орус ээип турганда,
Колго тийчү эркиндикти эңседик ..

Бүгүн элим азат, эркин, эгемен,
Дүрт дейт жалын КЫРГЫЗ деген денемен.
Эркиндикти кут кыла көр элиме,
Сураганым, жалгыз ушу Эгемен!

Эгемендик туусун бийик көтөрчү,
Эрлериң биз – эркин жаштар, ал, сен, мен!

## ОЙГОН НАМЫС!

Чындыкты айтам, досум, угуп тур, чычалабай,
Башында коюу түтүн, быкшыган чычаладай.
Азаттык! Азаттык! – деп, ааламга жар салабыз,
Азатпыз эгемен деп, айтканда чарчабайбыз.

Төрт кыргыз чогулушсак, түбүбүз бирге дейбиз,
Коңкобай, оштук сарт деп, эмнеге бөлүнөбүз?
Бейиштин төрүнө окшош, суугa бай жерибиз бар,
Чондору сатып сууну, суусаган элибиз бар.

Үндөбөс кошунага, үңкүйгөн чоңубуз бар,
Жыртылып жамай берип, дүңкүйгөн жолубуз бар.
Кыргыздан кыйын чыкса, атабыз тоголото,
Чеченди кайдагы бир, качырып самолетто.

Урпагы Манастын деп, Төшүбүз кактык го биз,
Рыспек, Баяманды ыргыта аттык го, биз.
Кытайды сабап койсоң, милийса камап коет,
Түркүн да, кытайың да кыздарды «сабап» коет.



Тажикке «бересиң» деп, кыздарды урган чыкты,
Ушунча кыйын болсоң, тажикти урбайсыңбы?!
Тажиктер жол салдырбай, өзбеги газын жабат,
Казактар «маңка» десе, «кыйындар» ыржаландайт.

«Укугу адамдын» - деп, улуган катын чыкты,
Уулдары майдаланып, уланган жатын чыкты.
Эгемен өлкөбүз деп, эч кимге сөз бербейбиз,
Төрүңдү тебелетип, көтөнгө тепки жейбиз!.

Ойлончу, ойлон кыргыз! Ойгончу, ойгон кыргыз!
Жүрөктө уктап калган, Ойгончу, улуу намыс!
Кыргызда уктап калган, Ойгончу, улуу намыс!



**ТУКЕНАЛИЕВ Кулмат.** Нарын областына караштуу Кочкор районунун Кызыл-Дөбө айылында 1984-жылы 10-мартта жарык дүйнөгө келген. Кесиби калемгер. Учурда эркин журналистика тармагында эмгектенет. Проза, котормо, поэзия жаатталындагы бир топ чыгармалардын автору. Бишкек шаарында жашайт.

## АТАМДЫН БУБАК ЧАЧТАРЫ

Мен түшүмдө көрдүм бийик асканы,
Ал асканы аппак туман каптады.
Ал эмнеси айткылачы билсеңер?
Ал атамдын карып бара жатканы.

Улуу тоонун оюу, кыры, түздөрү,
Уйпаланган саргыч чөптөр күздөгү.
Издер жатат тоонун бетин бербестен,
Ал атамдын өмүр жолу издери.

Тоолор менен айкалышып өмүрү,
Ошол тоодой пейили да, көңүлү.
Атам аскар тоодой кубат биз үчүн,
Секиси бар, жайлоосу бар өрүлүү.



Барат дале ошол тоонун боорунда,
Бирок, азыр таягы бар колунда.
Шашпай басып барат улам өрүүлөп.
Өзү салган ушул өмүр жолунда.

Бул жашоодо кандай жолду баспады,
Басты атам тоону, ташты, асканы.
Баарын бирдей жеңип келген атамдын,
Бул эмнеси, карып бара жатканы.

Мен түшүмдө көрдүм бийик асканы,
Ал асканы аппак туман каптады.
Ал эмине айткылачы билсеңер?
Ал – атамдын бубак баскан чачтары!.

## МЕН КЫРГЫЗМЫН

Мен кыргызмын. Улуу тоолор жөлөгөн,
Мээримине, кучагына бөлөгөн.
Мекен үчүн курман болсом оюмда,
Мекен үчүн улам кайра төрөлөм.

Кыргызмын мен. Тилим дагы дилим да,
Кыргыз менин күндө жазган ырым да.
Кыргыз болуп келгем, өтөм дүйнөдөн,
Кыргыздарым, кыргыз элим,
Жашай бергин, кылымдардан кылымга!.



**ТУРДУБАЕВ Калмамат.** 1956-жылы 1-апрелде Өзгөн районунун Арагөл айылында жарык дүйнөгө келген. Педагогикалык жана юридикалык жогорку билимге ээ. Жеке ишкер. Үй бүлөлүү, сегиз уул, бир кыздын атасы жана үч неберенин сүйүктүү чоң атасы. Учурда Ош облусуна караштуу Өзгөн районундагы Мырза-Аке аймагынын Коммунист айылында жашайт.

## ЖАН ОРДУНА КЕЛЕТ ТИЛДИ СУРАГЫМ

Эне тилим – ыйык туткан сыймыгым,
Бабалардан жете келген сыйлыгым.
Тамчы суудай бапестелип сакталган,
Жүрөгүмдөн түнөк алган ыйыгым.

Эне тилде ой-жүгүртөм, сүйлөймүн,
Канат созо, ай-ааламга күүлөймүн.
Аалам менен алакалар түзүлүп,
Эне тилди энекемдей сүйөмүн.

Суусаганда, тамчы сыңар тамчылайт,
Чаңкооңду да, суусун сымал кандырат.



Чарчаганда, эргүү берет эс менен,
Жыргалдантып, анан демин алдырат.

Эне тилди, мен ардактап туу тутуп,
Тилим менен келе жатам мен утуп.
Жоолашканга сүр беремин дайыма,
Эне тилди өз үйүмдө кут тутуп.

Эне тилди энекемдей коргоймун,
Энекемдей эртеңкимди ойлоймун.
Ыйык туткан эне тилди ардактап,
Душмандардай алсыз өзүм болбоймун.

Эне тилим – кубат берчүү куралым,
Өзүң менен сыймыктанар убагым.
Керек болсо берер элем жанымды,
Жан ордуна келет тилди сурагым.

## ЫЙЫК МИНТИП МЕКЕНИҢ

Кең мекеним башталат,
Сен жашаган үйүңдөн,
Тийип турган күнүңдөн.
Сезимдерди жыргаткан,
Уккулуктуу үнүңдөн.

Кең мекеним башталат,
Чалкып жаткан көлүңдөн,
Суусуз жаткан чөлүңдөн.
Ата Журтту коргогон,
Баатыр кыргыз өңүңдөн.

Кең мекеним башталат,
Таттуу чыккан тилиңден.

Мекендеген дилинден,
«Апакелеп» – чакырган,
Тили ширин иниңден.

Кең мекеним башталат,
Көз мелжиген зоолордон.
Аркар-кулжа жашаган,
Ак мөңгүлүү тоолордон.
Чексиз узак жолдордон.

Кең мекеним башталат,
Карапайым дыйкандан,
Мээнеттенген малчыдан.
Суусундукту кандырган,
Мөлтүрөгөн тамчыдан.

Баары сенин мекениң,
Баала баалуу экениң.
Ыйык тутуп сактасаң,
Таттуу болот жегениң,
Чексиз минтип мекениң.

Мына, сенин мекениң,
Билгин баалуу экениң.
Ар бир сенин сөздөрүң,
Тамчы сүтү энениң,
Ыйык минтип мекениң.





**ТУРГУНБАЕВ Турусбек.** Ош облусуна караштуу Ноокат районун Абшыр-Ата айылында 1975-жылдын 16-февралында төрөлгөн. 1982-жылы айылдык мектеп босогосун аттап, 1991-жылы кесипчилик техникалык окуу жайга тапшырган. 1995-1997- жылдары аскердик кызмат өтөп, андан соң айыл чарбасында эмгектенген. 2013-жылы чыккан «Кыштоодо» аттуу китептин автору. «Москва кайрыктары» ыр жыйнагына ырлары басылган. Үй-бүлөлүү, эки уул, бир кыздын атасы. Учурда Москва шаарында иштейт.

## АК БАТА

Эр эмгегин эли баалап баркташа,
Энелери дайым берсе ак бата.
Эзелтеден ата-бабам туу туткан,
Ак чокудай ар-намысты сактаса.

Аппак кардай, тунук суудай таптаза,
Аксакалдар берсе дайым ак бата.
Аруулукту, сулуулукту аздектеп,
Уул-кызы абийир-намыс сатпаса.

Элден алып дайым жүрсөң ак бата,
Болоорuң чын өзгөлөрдөн башкача.
Ак батанын улуулугу ушунда,
Болбостур дейм касиетин айтпаса.

Мүдүрүлүп бутуң тайып аксаса,
Жуурулушкан журттан алгын ак бата.
Жарыктыкта жакшы болоор ошондо,
Бир жараткан колдоп өзү сактаса.

Жаатташкан кастар көзүн артпаса,
Эл бийлери эл байлыгын чачпаса.
Журт башына кыйын кезең күн келсе,
Эл төбөлдөр элин таштап качпаса.

Ак чокудай элим арыу, таптаза,
Адал жүрүп, жаман жолго баспаса.
Эл-журтума тийип ыйык ак бата,
Көкөлөсө, көктөп, бактап, шактаса.

## КАЙДЫГЕРЛИК

Башыбызга мүшкүл түшсө кайгы – дедик,
Капаландык, карайладык, кайгы жедик,
Бар байлыкты башкаларга тартуу кылып,
Башка өлкөгө баса бердик – кайдыгерлик.

Беш манжаны малып алып майды жедик,
Казактарга Каркырадай жайды бердик.
Эртеңкиге, келечекке карап салкын,
Камырабай келатабыз кайдыгерлик.

Жыйырма жыл өз алдынча жашап келдик
Деп атабыз, – келечекке кулач кердик.



Канаат кыл, сабыр түбү сары алтын- деп,
Кумтөрдөй кенибизди кимге бердик.

Үн чыкпай жашап келдик – кайдыгерлик,
Кытайга Үзөңгү-Кууш жайды бердик.
Унуттукпу урпактардын эртеңкисин,
Утурумдук күн кечирип жашап келдик.

Караңгыда алып берем айды – дедик,
Каманды да арам дебей адал – дедик,
Кандай болот эртеңибиз, урпагыбыз,
Ойлонбодук кайдыгерлик, кайдыгерлик.



**ТУРУСБЕКОВ Сагындык.** 1966-жылы 28-июлда Талас районунун Арал айылында төрөлгөн. Жогорку билимдүү. Айыл чарба боюнча илимдин кандидаты. Пост-докторлук илимий ишин Австриянын Вена шаарындагы жаратылыш ресурстары жана табигый илимдер университетинде коргогон. Үй-бүлөлүү, эки уул бир кыздын атасы. Учурда Австриянын борбору Вена шаарында жашайт.

## ПАРИЖДЕГИ ИНИЛЕРГЕ

Оо, менин Бакыт менен Алмаз иним,
Парижде кыргыз атуул ойчулдарым,
Пейилиңер, баягы эле кыргыз бойдон…
Жаркырап тосуп алып топтун баарын.

Жан үрөп, көргөзөм деп Эйфел отун,
Шаштырып, жүргүн дешет далбалактап,
А мага кымбат эле силер менен,
Жамбаштап отурганым салтты санап.

Эйфелдин жаркыраган сырдуу отун,
Окшотуп жылдыз толгон кыргыз тоосун.



Өнөрлүү жигиттерин өз мекендин,
Жүрөккө, көөдөнүмө тартып койдум.

Парижде байке болдум, сый конокмун,
Кыпкыргызча салтын улап ата жолун.
Мекендеш инилерим силер менен,
Төрүндө отургандай журт конуштун.

Намысына кыргыздын бек турарым,
Силер менен бир согот кан тамырым.
Мекениме кайтып келип кызмат өтөйт,
Арнап алган билимди, бүткүл жаным!.



**УУЧИЕВА Гүлчехра.** 1985-жылы 29-сентябрда Ноокат районуна караштуу Жийде айылында туулган. Мектепти 2003-жылы артыкчылык аттестаты менен бүтүргөн. Ушул эле жылы БатМУнун алдындагы КГПИнин (Кызыл-Кыя гуманитардык педагогикалык институту) англис тили адистигине тапшырып, 2008-жылы ийгиликтүү бүтүргөн. Баткен районуна караштуу Сай айылындагы Дүйшө Акматов орто мектебинде мугалим болуп иштеген. Гүлчехранын алгачкы ырлары 2013-жылы «Москва KG» газетасына жарыяланган. Учурда Москва шаарында жашайт.

## ЭНЕ ТИЛИМ

Эне тилим – бабам Манас сүйлөгөн,
Элибизди биримдикке үндөгөн.
Канын берип, жанын берип тил үчүн,
Эчен кыргыз өтүп кеткен дүйнөдөн.

Эне тилим – датка энем сүйгөн тил,
Элин коргоп, жерин коргоп күйгөн тил.
Тайманбастан бетке карап душмандын,
Жооп айтып сазайыны берген тил.



Эне тилим – Чыңгыз атам жазган тил,
Дүйнө таанып илим кенин казган тил.
Ата-Журтту тааныштырып ааламга,
Ушул тилде чыгарманы жазган бил.

Эне тилим – Алыкулду такшалткан,
Эргүү берип эчен ырлар жаздырган.
Күнү-түнү колдон калем түшүрбөй,
Тили менен өчпөс ырлар калтырган.

Эне тилим – өркүндөй бер өсө бер,
Канатыңды кең ааламга жая бер.
Кадырыңды, баркыңды жоготпостон,
Кылымдарга жарык нуруң чача бер!

## МУГАЛИМГЕ

Дили таза жазылбаган ак барактай,
Бөбөктөрдү тарбиялап алга карай.
Мээрим төгүп асмандагы күн сымал,
Билим нурун чачасыңар эже-агай.

Адам бол деп келечекке үндөйсүңөр,
Аалым бол деп колдоо берип сүйлөйсүңөр.
Ушулар жакшы билим алса экен деп,
Бассаң -турсаң изденип жүрөсүңөр.

Акты да, караны да таанытасың,
Алпештеп ак сүйлөтүп жаздырасың.
Уядан учкан кезде балапаның,
Көзүңдөн мөлтүр жашың агызасың.

Мейли бүгүн баркталбаса эмгегиң,
Эртең эле жетилет го эккениң.
Аты аталып окуучуңдун турганда,
Таазим кылат, башын ийип мекениң!

# МАЗМУНУ

Дүйшеев Шайлообек
Эл акындары эмес, эл айткандай болсун! . . . 3
Аманбаева Урмат
«Тилсиз улут – улут эмес» . . . 6
Койчуманова Гүлжан
«Көчмөндөр» көтөргөн демилге . . . 8
Абылкасымов Айтмырза
Үшкүрүк . . . 14
Элиме собол . . . 15
Абдыканова Майрамбүбү
Фрунзе кечи . . . 16
Сактайлычы Ысык-Көлдүн ыйыктыгын! . . . 17
Айдаралиев Асыран
Көчмөндөр . . . 19
Бурганак . . . 20
Амираева Улкан
Кыргыз болуп калганыма сүйүнөм! . . . 21
Каниет! . . . 22
Айдарова Салия Жусубали кызы
Уулдарыма . . . 23
Кыргыз көчү . . . 24
Алтымышев Тынчтыкбек
Аскалар . . . 26
Айылдагы кыш . . . 27
Алтымыш уулу Мирлан
Кайрылуу . . . 28
Кыргыздар кантип астроном болушкан? . . . 30
Бараканова Дамира
Улуу эл . . . 31
Ким жакшы? . . . 32
Батыркулова Сайра
Каалоо . . . 33
Мекенимден уялам! . . . 34



Досболов Шайырбек
Кыргыз көчү . . . 36
Наристеде не күнөө? . . . 37
Жакеева Бурул
Кыргызча (Жөн эле) . . . 38
Бирик, кыргызым! (Кыргыз маршы) . . . 39
Жакыпова Калича
Тил көйгөй . . . 41
Тегеренген эх, акча! . . . 43
Жамгырчиев Бердибек
Сен адамсың! . . . 44
Генийлер байкалбай жүрүшөт . . . 45
Жангазиев Максат
Мекенге . . . 47
Кайран тил . . . 49
Жаныбеков Маматибраим
Локомотив . . . 50
Кыргыз тоолору . . . 51
Жаркулова Жумакан
Урпактарга . . . 52
Жумабаев Эрик
Ата журтум . . . 54
Жаштын ойу . . . 55
Жунусалиев Бакытбек
Ата журттун үмүтүн актагыла . . . 56
Сен үчүн кыргыз күйөт . . . 57
Кадыров Медербек
Энеке, Жыртылган жан-дүйнөмдү жамап берчи! . . . 58
Калдыбаев Нурланбек
Жашоо кызык! . . . 61
Эмне үчүн? . . . 62
Калыбекова Чынара
Ырымдын обону сен – Кыргызстан! . . . 63
Өмүр кыска . . . 64

Камчыбекова Лира
Ала-Тоого сагыныч .................................................. 66
Убактылуу коштошуу ................................................. 67
Касаболотов Жыргалбек
Уят ........................................................................ 69
Кыргыз тили ............................................................ 70
Келдибаев Азирет
Балалыгым кайтып келген өңдөнөт .............................. 71
Мага өлкө керек? ...................................................... 72
Келдибеков Бекмурат
Ата журтум .............................................................. 74
Мекенимдин балдары ................................................. 75
Кошалиев Улан
Чоң Арыкта .............................................................. 76
Кубанычбеков Акбар
Мен мактанам ........................................................... 78
Жол ........................................................................ 79
Кылычбек кызы Ибарат
Ысык-Көлүм ............................................................. 80
Эне тилим ................................................................ 81
Мавлянова Гүлжакан
Атама ...................................................................... 83
Адам деген! .............................................................. 85
Мамадалиев Акылбек
Мекенге адал кызмат өтөш керек! ................................ 87
Кыргыз тили – кыргыз үчүн кымбат тил! ........................ 87
Мамасадыкова Айжан
Ата журтум аман бол! ................................................. 89
Ааламга жол алып барчу улуу тил! ............................... 90
Маматжанов Мелис
Апакемдин алмасы ..................................................... 92
Тилим бүгүн ............................................................. 93
Матсак Кайнар
Аталарга .................................................................. 94
Кыргыз тилим ........................................................... 95



Мендебай Толукбек
Эгемен менин мекеним ............................................... 96
Кош бол эми! ............................................................ 97
Насырова Самара
Кабыргам кайышууда .................................................. 98
Көчмөндөр! ............................................................. 100
Омокеев Улукбек
Ата журт ................................................................ 101
Тоолордон алган окшойт ........................................... 102
Садыкова Аида
Соңу ..................................................................... 103
Жазгы маанай ......................................................... 104
Сайпидин уулу Сатывалды
Кыргыз, ким ал? ...................................................... 105
Кут болсун элим майрамың! ....................................... 106
Саматов Мырзабек
Мен кыргызмын! ...................................................... 107
Сарбагышова Чынара
Кыргызым .............................................................. 109
Кыргызмын! ............................................................ 110
Сарыбаев Бекболот
Ойлор ................................................................... 111
Эне тил ................................................................. 112
Сатиева Майя
Карек жууган кайырчы .............................................. 113
Соорон баева Айсалкын
Теңир тоо .............................................................. 114
Амансыңбы ата-журт! ............................................... 115
Султаналиева Падишахан
Тилегим ................................................................. 116
Темирова Алтынай
Манасчылар ........................................................... 118
Кыргыздын улуу – тили да! ........................................ 119
Таштемирова Рахат
Кыргыз тили ........................................................... 121
Эне тил ................................................................. 122

Төкөров Азамат
Эгемен кыргыз .......................................................... 123
Ойгон намыс! .......................................................... 124
Тукеналиев Кулмат
Атамдын бубак чачтары .......................................................... 126
Мен кыргызмын .......................................................... 127
Турдубаев Калмамат
Жан ордуна келет тилди сурагым .......................................................... 128
Ыйык минтип мекениң .......................................................... 129
Тургунбаев Турусбек
Ак бата .......................................................... 131
Кайдыгерлик .......................................................... 132
Турусбеков Сагындык
Париждеги инилерге .......................................................... 134
Учиева Гүлчехра
Эне тилим .......................................................... 136
Мугалимге .......................................................... 137



200с

Көркөм-адабий басылма

**ААЛАМ. АКЫН. КЫРГЫЗДАР.**

Бишкек, «Турар» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Асыран Айдаралиев*
Техникалык редактору *Гүлжан Койчуманова*
Мукабаны көркөмдөгөн *Асыран Айдаралиев*
Компьютердик калыпка салган *Рахим Төлөбеков*

Басууга кол коюлду 05.09.2014-ж.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$. Офсет кагазы.
Нускасы 1250. Заказ № 1224.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды
720031, Бишкек ш., Горький көч., 1.

*Жазда башка..*
*Жел тийбесин абайла,*
*Көпкө турбас,*
*мобул турган сур булут.*
*Бүт дартыңды*
*өз мойнума алайын,*
*Сен ооруба,*
*мен ооруюн, Ата-Журт!*

**Алыкул ОСМОНОВ**



